

**Абытова
Айсалкын
Коцурбаевна**

1969-жылы 13-январда Ош облустуна караштуу Кара-Суу районунун "Миялы" кыштагында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1984-ж. Жалал-Абат шаарындагы А.С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын мектептер бөлүмүнө окууга кирет.

1988-жылы окуу жылын аяктап, эмгек жолун Кара-Суу районундагы "Эркин-Тоо" орто мектебинен баштайт.

2007 - 2011-окуу жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтун ийгиликтүү аяктап, учурда Баткен облустунун Б. Ходжаев атындагы орто мектебинде үзүрлүү эмгектенип жатат.

Талыкпаган мугалимдик иш сапарында мектептин, райондун, областтын сыйлыктарына ээ болду. "КР элге билим берүүнүн мыктысы". Жолдошу Надыров Матиса экөө үй-бүлөлүү: Үч кыз, бир уулдун ата-энеси.

Айсалкын Абытова



# КЫЗГАЛДАКТУУ ТАЛААЛАР

Айсалкын Абытова

# Кызгалдактуу талаалар

Ош – 2011-жыл.

УДК 94(47)
ББК 635 (2Ки)
А 89


С 89 А. Абытова "Кызгалдактуу талаалар",
Ош -2011-жыл 56 бет.

ISBN 978-9967-446-22-9

Колуңуздардагы китеп Айсалкын Абытованын алгачкы жыйнагы. Жыйнакта аңгемелер менен чакан новелалар да кошо берилген. Жаш таланттын чыгармачылык дараметине баа берүүнү окурмандардын өздөрүнө калтырдык.

А0503020911-11
ISBN 978-9967-446-22-9

УДК 94(47)
ББК 63.5 (2Ки)
©А.Абытова 2011



Колуңуздардагы «Кызгалдактуу талаалар» аттуу алгачкы чыгармалар жыйнагымдын чыгышына демөөрчүлүк кылгандыгы үчүн Баткен районундагы Ак-Сай айылдык округунун башчысы Сатыбалдыев Жолдош агайга терең ыраазылык билдирүү менен бекем ден соолук, бакубат жашоо, узак өмүр каалаймын.

Автор.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
"___" ________ 20___ -ж.
№ ________

## Айсалкынга ак жол

*Калемгер Айсалкын Абытованын ысымы чейрек жылдардан бери эле райондук, областтык коомдук-саясий гезит беттеринен белгилүү... Анын чыгармачылыгынын учугу тээ студенттик кездерден башталып, бүгүн да чыгырыгын чырмап келүүдө. Бирде ырлары гезит бетинен жарык көрсө, бирде турмуш чордонунан алынган аңгемелери жарыяланып дегендей, дайыма адабият айдыңында узануу менен алек.*

*Негизи, Айсалкын көп жактуу мугалим, анын поэзияга, прозага болгон шыгы башынан эле күчтүү, кала берсе, өзү жазган балдар ырларына обон жарата коймой, ооз комузда ойноо өңдүү аракети арбын. Буларды белгилеп жатканыбыздын себеби, Айсалкын адабият айдыңынан өз ордун табуу үчүн урунуп-беринүүнүн толкунунда.*

*Анын бул алгачкы жыйнагындагы аңгемелеринен турмуштагы ачуу-таттуу күндөр, келечекке үмүттүү кароо, азга топук, көпкө канаат кылуу-адамдык бийик наркнасил экендигинен маалымат алууга, суктанып таасирленүүгө болот.*

*Бөтөнчө, "Коляска", "Өкүнүч", "Миллиондогон розалар" деген аңгемелеринде көпчүлүк аңдабаган көрүнүштөр сүрөттөлөт.*

*Айсалкындын жан дүйнөсүндө каармандарды аёо, анын ички эмоциясын түшүнүү, турмуштан алган өөдүк-сөөдүктөрдү өзүнүн чыгармачыл көзү менен берүүгө болгон аракети арбын.*

*Өзү аздектеген ойлорду аңгемелеринде улам толуктап, кээде кайталап, өзүнүн жазуучулук чыйырын калыптандырууга далалаттанат.*

*Айсалкынга чыгармачылык изденүү, калемгерлик ак мээнеттин үзүрүн тилеймин!*

***А.Даабеков.***
***Жазуучу, КРнын "Билим берүүсүнүн мыктысы"***

# КЫЗГАЛДАКТУУ ТАЛААЛАР
## (новелла)



Май айынын акыркы күндөрү. Айлана күндөн-күнгө жашарып түркүн түскө бөлөнүп, атыр жыттуу гүлдөрдүн жыты аңкыйт. Тээ тетигил көрүнгөн кызгалдактуу белес. Андан ылдый көздөгөн жалгыз чыйыр жол жүрүп отуруп биздин үйдүн капталына келип бүтөт. Мен бул жол менен бала кезимде нечен ирет кызгалдактуу белесте ойнободум.

Эх! Балалык курак кандай сонун! Менин эң бир эсте каларлык бактылуу бала чагым жана таза аруу сезим менен сүйгөн Гүлназигимдин элеси так ушул кызгалдактуу белесте калды. Ар дайым кызгалдактуу гүлүн ачып жыпар жытын чачкан кезде атайын айылга 3-4 күнгө келип, ал күндөрдү эсиме салып, кызгалдактуу белести аралап мени көздөй ак көйнөгүн желбиретип келе жаткан Гүлназикти элестетем. Бирок, мунун баары куру кыял гана эмеспи.

Шаардан келгениме 5-6 күн болуп калды. Апамдын ооруп калгандыгын угуп кабатырланып келгенмин. Мына эки күндөн бери апамдын ден соолугу да жакшырып эле калды. Эртен жолго чыгам. Илинип турган төркү бөлмөдөгү гитараны алды да Байжигит ошол кызгалдактуу белести көздөй бет алды.

Эх, табигаттын сулуулугу! Көз жоосун алган кыпкызыл кызгалдактар. Араң соккон шамалга аста, жай бий бийлешип, бой тиреше ыргалышат. «Саламатсыңбы, Байжигит! Сен дагы биз менен сырдашканы өткөн балалык күндөрүңдү, Гүлназигиңди элестеткени келдиңби?! Биз дагы сенин элесиңди, боздогон гитар үнүн жана сенин үнүңдү сагынганбыз,» - дегендей термелишет. Белестин так ортосуна жетип, колдору менен аяр сыйпалап: «Оо,

сыйкыр, назик кызгалдактар! Силер ошол эле бойдонсуңар го. Кызыл- кызыл желекчеңер үлбүрөп, назик жытыңар мени өпкүлөйт да, чиркин. Менин жүрөгүм силерди сагынып, эзилип барат. Бир убакта ушул жерде Гүлназигим менен классташтардын арасында чогуу бийлеп, ойноп, бактылуу күндөрдү өткөрбөдүк беле. Атаганат. А бүгүн өзүм жалгыз гитарам менен келип отурам».

Жамбаштай, гүлдөрдүн арасына жата кетти. Тээ көкмөк асман мейкиндиги чексиз. А Байжигит ошол чексиз мейкиндик астындагы кыпкызыл талаага сыйбай барат. Бирге окуган классташтары, Айзат, Гүлназик, айтор ошол мезгил эсине түшүп, көз алдына баары элестеп өтүп барат. Анан муңдуу гитара кылдарын безелентип:

Кызгалдактуу талаалар,
Кызык сүйүү жаратаар.
Кол кармашып топ жаштар,
Гүлдүү шалбаа аралар.

Аа, аа, - оо, - оо, кызгалдактуу талаалар, - деп ырдап жатып көзүнөн мончок-мончок жаштар ылдый көздөй чубуруп жатты.

Анда мен 11-класста окуган учурум, окуу жайга тапшырам деп экзамендерге эрте даярдык көрө баштагам. Мектептен чыгып келатсам, Айзат менен бейтааныш кыз мени күтүп туруптур. Анан алар менин өткөн жылдагы жазган конспект дептерлеримди сурашты. «Макул, кеч баргыла, даярдап коём», - дедим.
Кечке үй жумуштары менен алек болуп жатып, унутуп да калыпмын. Кеч Айзат келди. Даяр эместигин айтсам, эртең кеч келерин айтты. Эртеси сабактан келерим менен даярдап койдум. Айзат классында эң алдыңкы окуучу. Эшикте бирөө чакыргандай болду. Сыртка чыксам Айзат досу экөө туруптур. Дептерлерди көтөрүп сыртка жөнөдүм.

Айзат: Мени «Таанышып алгыла» - деди. Бул менин кичинемден бери ынак досум болот. Алдыңыраак кол узатып «Байжигит» - дедим

Акырын гана назик колун узатып жатып: «Гүлназик» - деп уууртунан жылмайып койду. «Байжигит ака, бул досум шаарда апаларынын колунда өсүп чоңойгон. Каникул учурунда келип чогуу ойноп жүрөбүз. А быйылкысын чоң энеси ооруп, ошону караганча биздин мектепке которулуптур. Анан экөөбүз эртерээк

билеттерге даярданып, буюрса, окууга бирге тапшырабыз го деген ойдобуз», - деди Айзат жылмая.

«Жакшы болот, - дедим. - Мен да шаарга окууга тапшырам. Анда үчөөбүз тааныш катары сонун жүрөт окшойбуз», - деп тамаша аралаштыра сөз коштум. Айзат: «Байжигит ака, таанышканыбыз үчүн белгилеп, гитараңызды бир боздотуң ырдап жибербейсизби?» – деп өтүнүп калды.

«Каршы эмесмин»: Чуркап кирдим да, илинип турган гитараны алып чыгып, «Кызгалдактуу талаалар» деген ырымды ырдай баштадым. Айзат да коштоп кирди. Ыргактарга берилип, кызып кеттикпи, дагы ырдай баштадык.

Айлуу түндө жүрүп бульварда,
Тийишебиз сулуу кыздарга.
Кыздар карап бизге жылмайса,
Боздоп ырдайт колдо гитара.

Сыздап ырдайт колдо гитара, – деп ырдай бергенимде Айзат, жаркылдап каткыра күлө; «Ой Байжигит аке, сиз тим эле артисттерден да өтө сүз го», - деп кубаттай кирди.

Өзүнүн ыңгайсыз абалда калганын сезип, саамай чачын жогору сылай, Гүлназик күлүмсүрөп турду. «Айзат, жүрү кетели үйдөгүлөр бизди күтүп калышты го. Ырас эле, ырахмат аке, биз кеттик», – деп экөө жөнөй берди! Аларды жолдун жарымына чейин узатып койдум. Келип сабак даярдоого отурганымда, апам сүйлөнө баштады.

- Кимдин кыздары алар? Андан көрө сабагыңды бышыктасаң болмок, ошенткениңде азыр эс алмаксың.

- Макул, апа. Бүгүн ушундай болуп калды,- деп тим болдум. Эртеси танапис учурунда Нурлан досум экөөбүз баратсак, чоң өрүктүн түбүндө 9-класстын кыздары эс алып турушуптур. Баш ийкеп, «кандай кыздар?» – деп салам берип өтө бергенибизде, Гүлназик да бирге экенин көрүп калдым.

Ээ тообо, сулуулукту сүрөттөп болбойт. Аппак толмок жүзү, күлө сүйлөсө кашкайган акактай тиштери, узун олоң кара чачын көр. Бакырайган кара көздөрүнө каш кирпиги төгүлүп, тим эле ажардуу. Ушундайда убакыттын тардыгы, коңгуроо кагылып, ар кимибиз класстардан орун алдык. Сабакка көңүлүм бурулбай, оюмду Гүлназик ээлеп алгандай. Бая күнү биринчи

таанышканыбыз, анын назик колу менен ажардуу жүзү, татына жылмайганы эсимден кетпей калды.

Күндөр өтүп жатты. Окуу жылы аяктап дабаратты. Жакында 25-май - акыркы коңгуроо майрамы болот. Мугалимдер бул майрамга эки класс чогуу даярданышсын деген жыйынтык чыгарышканда, мен абдан сүйүндүм. Себеби Гүлназик менен чогуу болгонумду элестеттим. Жок дегенде үзгүлтүксүз көрүп турам го дедим. Эң кубанычтуусу ошол күндөрдө биздин класстан алып баруучулукту менин, 9-класстан Гүлназиктин дайындалганын укканымда төбөм көккө жете түштү. Досторум айткандай, өзүм шайыр, шайдоот болгонум менен Гүлназиктин караанын көргөнүмдө эле денем ысып, бети башым кызарып бутумдун чалыштаганына таң калам. Бир жумадай чогуу даярдандык, күткөн майрам күнү келип линейка башталды. Эже – агайлардын сүйлөгөн сөздөрү, каалоолору бирде жүрөк кубантса, бирде жүрөк сыздатып жатты. Ата-энелер да каалоо тилектерин айтып жатышты. Гүлназик экөөбүз кечеҥин программасын чогуу алып барып жаттык. Экөөбүз жанашып микрофондо сүйлөшүп жатканыбызда, өзүмдү эң бактылуу сезип, компоюп коём. Кечинде ырдап, бийлеп ойнодук. Вальс темпиндеги музыка чыга калганда, баары эки-экиден бийлеп киришти. Гүлназикке карай кол узатып, аны бийге чакырдым. Макул болгонуна сүйүнүп, белинен абайлай кармап бийлеп жатып, улам бутун тебелеп алганыма уялып кетип жаттым. Бардык эл бизди эле карап тургандай сезип бири-бирибизге сөз сүйлөй албай, үн сөзсүз бийлеп жаттык. Кече бүтүп, баарыбыз таркадык. Эртеси мектептин айланасындагы жашыруун жерлерге Б + Г деген жазуулар толуп кетиптир. Көрсөм да көрмөксөн болуп коём. Гүлназик өзү өчүрүүдөн уялып, укканыма караганда, дос кыздарына өчүртүп таштаптыр.

Экзамендер башталды. Эки чоң роза гүлдөн букет даярдадым. Бирөөсү Айзатка, а экинчиси Гүлназикке. Роза гүлдүн эң ичке желекчесине Б + Г деп боёп жазып койдум. Экзамен бүткөндө Айзатты чакырдым. Гүлназикти ээрчите келишин сурандым. Алардын келишин күтүп турдум Гүлназик менен күтүп турушумду билген эмес. Анан жакындай бергенде, утурлай басып бардым да, «Майрамыңар менен» - деп гүлдүн биринчисин Гүлназикке, анан Айзатка сундум.

Ал уялганынан эки жагын каранып, «Рахмат» - деди да, терс бурулуп чуркап кете берди. А Айзат болсо түшүнүп - түшүнбөй «Сиздин экзамендериңиз да ийгиликтүүбү» - деп сурамжылап жатты.

Ошентип экзамендер аяктап, эки класстагы балдар-кыздар чогуу экскурсияга аттандык. Мектептеги эң акыркы экскурсиябыз эле. Кызгалдактуу талааларды аралап, кең түздөн орун алып отуруп, кечке ойноп жыргап кайттык. Сүрөткө түштүк. Окуучулук күндөрдүн эстелиги деп.

Бишкекке жөнөөр мезгил да жетти. Айзат менен Гүлназикке жолуга албадым. Атам экөөбүз жөнөй бердик. Айылдан узаган сайын, Гүлназиктен алыс калганыма ичим ачышып бараттым. Менин ой басканымды атам сезген окшойт.

- Эмнеге эле тунжурайсың, же шаарда кантип жүрөм деп ойлонуп жатасыңбы?

- А, жок ата. Жөн эле,- дедим. Окууга тапшырдым, баары ийгиликтүү болду.

Жылдар зуулдап өтүп жаты. Гүлназик быйыл 11-класста окуп жатат. Арада 4-5 жолу айылга келдим. Ар кандай себеп болуп, Гүлназикти бир да жолуктура албадым. Неси болсо да, Бишкекке окууга барганда жолугуп, сагынычымды басаңдатам го деп кыялданып жүрдүм. Айзатты бир жолу жолуктурганымда, ал Гүлназикти Арабаевге филфакка тапшырат деп айтты.

Күндөр күтүү менен өтүп жатты. Убакыт жетип, окуу жайдын алды миңдеген абутуриенттер. Убактымдын көбүн ошол жерде Гүлназикти издөө менен өткөрүп жаттым. Кабыл алуучу жердеги абитуриенттердин тизмесинен анын фамилиясын баштан аяк карап чыгам. Эч жок. Башка факультеттерди издеп жаттым. Экзамендер аягына да чыкты. Аргам кетип, айылга жөнөөр мезгилди күтө баштадым. Ар бир күн жылга тете болуп жатты.

Ошентип, айылга да келдим. Ата-энемдер менен саламдашып, амандыгын билген соң, кечтин киришин күтүп жаттым. Күн уясына батты. Апама досторума жолугуп келеримди айттым да, түз Айзаттын үйүн көздөй бет алдым. Кудай жалгап, Айзат үйүндө экен. Экөөбүз көптөн бери көрүшпөй калганыбызга, сөздөр көбөйүп азилдешип аны-муну сүйлөшүп жаттык. Анан Гүлназикти сурадым. «Ээ, Байжигит аке, эмне кабарыңыз жокпу? Гүлназик турмушка чыгып кеткенине эки айча болуп калды, - деди.

- Ой, кантип эле, Антип айтпачы? Койчу тамашаңды?!

- Апей, мен сизге ушинтип тамашалайт белем?

- Айзат, аны ким алып кетти, сүйлөшүп жүргөн бекен?

- Жок, сүйлөшмөк тургай бир дагы жолу көргөн эмес. Сыртынан көз салып жүрүп эле, акыркы экзамен бүтүп бартканда 4-5 бала машинага колу-бутун кайрып көтөрө качышты. Классыбыз, ал тургай эжей-агайларда капаланышып кала беришти.

- Атаганат, шорум катпадыбы. Ушундай да болобу? Анын турмушу эми кандай болот? – деген ойлорго чулгандым, анан:

-Айзат, болду, калганын айтпачы? Кыйналып кеттим, уккум келбейт, - дедим кескин.

Айзат ошондо гана менин Гүлназикти сүйүп калганымды билиптир. Шарт бурулуп, «Мейли» деп баш ийкедим да бурулуп кеттим. Жүрөгүмө эч нерсе сыйбай, денемди от менен жалын басып кыйналдым. Чачымды мыкчып, көздөрүмдөн жаш ыргып турду. Үйгө келдим да, шкафтын тартмаларындагы акыркы коңгуроодо түшкөн сүрөттөрдү карадым. Мына, Назигимдин, гүлүмдүн сүрөтү. Атаганат, алтыным Назик, кандайсың? Кимдин капасында камалдың? Менин бекем, чын сүйөөрүмдү билет белең? Садагасы чырагым, мен сенсиз кантип жашайм! Мени азапка салдың го.

Илинип турган гитараны алдым да, бугумду чыгарууга шаштым. Бир кезде сени менен алгач таанышканымда бул ырды кандай жыргап ырдадым эле. Эмичи, эми боздоюм да сыздайм.

Кызгалдактуу талаалар,
Кызык сүйүү жаратаар.
Кол кармашып топ жаштар,
Гүлдүү талаа аралар.

-Ай, эй – эй арман мен бүгүн арман күнгө калып боздойт белем. Кайра – кайра Гүлназик менен болгон окуучулук күндөрдү эстеп ыйлай берипмин. Ошол түнү апам да мени акыбалымды түшүнүп, аяп, үндөбөптүр. Айылда 6-7-күн турдум. Ошол күндөрү түтүнү көрүнбөгөн жалында, чокто алоолоп күйүп жатып жүрдүм. Гүлназиктин сүрөттөрүн баарын алдым. Гитарамды далыма асып, ата-энем менен коштошуп, шаарга жөнөп кете бердим.

Ошентип Байжигит үнсүз, тилсиз таттуу махабаттын өкүнүчкө айланганын баштан аяк дагы бир ирет элестетип күндүн кечтегенин сезбеди. Бир убакта тээ бийикте учуп баратып сайраган

күкүктүн үнүнөн улам эсин жыйып, эки жагын каранып күн уясына батып бараткданын байкады. Анан: «Аман болгула, менин сырдаш кызгалдактарым! Эртең мен силерден алыстап кетемин. Ыргалган кызыл кызгалдактарга эңкейее жүзүн сүрткүлөп, назик жытына мас боло жыттагылап, Гүлназиги көз алдына элестеп сыйкыр дүйнөдө өзүн сезип баратты.

## АЧУУ ЖАШ
### (новелла)



… Негидир жүрөгү алда бир демени сезгендей, бирде көкүрөгү толо кусалыкка айланса, бирде эмне жөнүндө ойлонгонун өзү да билбей отурган чагында бешиктеги баланын ыңаалаган үнү абалын өзгөрттү. Курсагы ачып эмчек эмизген наристесине колун бешикке артына өбөктөй отура кетти. Энесинин жытына мас боло бакылдата соруп чекесинен билинээр – билинбес терге чөмүлгөн баласын маңдайынан жоолуктун четине аарчый бешик жабуусун кайра тартты.

Сыртта короонун эшиги тарс этти. Тилин салаңдатып кулагын шалпыйтып эшик алдында жаткан Мойнок ав – авлап туруп, дароо эле тим болду. Бирде жерди оёо басып, бирде күрс-күрс жөтөлүп тең салмактуулугун кармай албай термелип басып келаткан дабышты дароо тааныды. Азизанын маанайы чөгө: «Бүгүн кайдан иче койду экен, ой тообо күн куру эмес.
Ушул көрүнүштү 2 жылдан бери көрө берип жан отума күйүп бүттүм. Шорум ай, эми эмне кылам?» - деген ой санаанын ыз-тызына түшө калды. Аңгычакты күйөөсүнүн үнү чыкты.

«Ой эшек, сволуч! Өлгөн жоксуңбу? Үйдө элесиңби? Эмне мен… мен бая келгенмин. Ушу босогодо турам. Бутумду чечейин десем, башым менен тик сайылчудаймын. Ну что, мен баарын билем. Сен чуркап келип мага жардам бере койсоң эмне болот? – ыя! – деп кыйкырып кирди. Аялы тымтырс.

- Же сен мени эми көрдүңбү? Ну смотри мен… мен масс эмесмин. Просто чуть-чуть ичип, бир аз кыйналып турам, - дейт же ичкери кирбейт.

- Эй дурочка, чо меня смотришь, - деп башын көтөрүп, сөөмөйүн кезеп ык тутуп коёт. Шляпасы кыйшайып, костюму бой ылдый кусунду, шымдары чаң, көзү айланып ичине кирип өңү бозорот.

Азиза эч нерсе байкатмаксан капалуу жүзүн өзгөртө жаркырай күлө:

- «Эч нерсе эмес, өзүңүз айткандай сиз мас эмессиз. Мен тез эле чыкпадымбы, сизге ошондой болуп жатса керек да. Уулуңуз ыйлап, ошону менен болуп жаттым эле, - деп айласыздан ажардана тигилет.

- Эй, келжиребечи, акмак! Сен мени алдай албайсың. Никогда алдай албайсың. Просто мени кыйнайсың да, келесоо.

- Келиңиз эми тамактын бышканы эбак. Сизди келсе тамактанабыз, – деп күтүп тамактанбай отурганмын.

Чыныга куюлган тамакты алсыз колдору менен алып жатып, дасторконго жайната төгүп салды.

- Эч нерсе эмес, азыр өзүм тазалай коём. Экинчи ирет дагы кесеге толтура көк чөптөрдүн чытын буркураткан тамагын сунду. Кашык бирде оозуна барса, бирде барбай төгүп – чачып ичип жатты. Анан койнунан бирдемени издегендей болду. Костюмунун ички чөнтөгүнөн жарым бөтөлкө аракты калтыраган колдору менен алды да, суу жуткандай курулдатып ичип салды.

Азиза бошогон бөтөлкөнү ордунан алып коёрдо, колунан шарт жула кармап бет маңдайындагы идиш тизилген сервантты карай бир чапты. Жаркıраган күзгүлүү сервант ичиндеги идиш аяктар заматта үйүм-үйүм сыныкка айланды. Үй ичи ошентип тоз тополоңго түштү. Ордунан козголо албай улам –улам боркулдатып куса баштады. Арада сөгүнүп – кагынып да коёт. Бешиктеги баланы тезинен чечип, каректери жашка толгон Азизанын жүрөгү тарсылдап башы каңгып үйдөн качууну көздөп жатты. Мына баласын кучагына алып көчөдө баратат. Кимден жардам сураарын билбей, коңшулардын, аяштарынын, же дагы бирөөлөрдүн үйүнө барууну чамалады. Бирок, өткөн күнкү ушак айыңдан кийин бирөөлөрдүн үйүнө баруудан да баш тарткан эле. Кабагына капалык үйүлүп, каректери жашка толгон Азиза тартынып, бир

жагынан уялып, эч кимдикине барбай, жол боюндагы катар теректин түбүнө пааналай отура кетти.

Көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн. Чурулдаган бакалардын сайраган үнү. Өрүк гүлүн жаңы төгүп, алма гүлдөрүн ачкан мезгил. Мелүүн соккон желге алма, өрүктүн гүлдөрүнүн жыты аңкыйт. Арыктан шылдырап аккан суунун үнү. Жашагыңды келтирет. А бирок, анын бетинен ылдый томолонгон ачуу жаш минтип нечен жолу акпады. Күндө эртеси күйөөсүнүн лолудан бетер жалынып – жалбарганы, карганып кайышканы, наристенин келечек тагдыры, ата-энесинин боор ооруганы элестеп, эртеңки күндөн күдөр үзөй жашап келет.

Мына, заматта караңгылыкты артка түрүп, тээ алыста тоолордун арасынан суурулуп чыккан ай андагы үмүт шооласын бир аз башкача таризге бургансыды. Ай тептегерек болуп толуптур. Асман толо жыбыраган сансыз жылдыздар.

Таң да агара, айыл ичи шаңга бөлөнө баштады. Бирөө жарымга көрүнүп каламбы деген намыска бек Азиза паанарак жерге которула баштады. Кыңкыстап эмчек издегилеген баласын эмизип бүтүп, жыттап –жыттап өөп коёт. Бирок тез эле дагы чукуранып каңкыстай баштады. Курсагы ток эмнеге ыйлайт болду экен. Мээрим төгө акырын алдейлеп таптагылайт. Эч уктабай ого бетер ыйлай баштады. Ороочусун чечти. Бир аз сууланып, булганып да алыптыр. Алмаштырып кургактоого эч нерсе жок. Ойлонбой туруп башындагы жаңы салынган жоолугун алды да, тазалап тыкан кылып ороп, үстүндөгү халатын чечип, дагы бир сыйра ороп койду. Наристе тынч уйкуга кирди.


Анан ал үйдө калган күйөөсүн ойлоду. Кусуп жатты эле, башы ылдыйланып кыйналып калбады бекен деген чолок ойго жетеленди. Күйөөсүнөн бая күнкү сөзү эсине түштү. «Азиза, сен мени кечир. Акыркы мезгилдерде арак ичсем, өзүмдүн кайда калганымды, эмне дегенимди, айтор, эч нерсени билбей калып жүрөм. Негизинен арак ичүүгө көңүлүм жок. Бирөөлөрдүн көңүлүнөн өтө албай жатып, ушул көрүнүшкө түшүп калам. Сени көп жолу капаланттым. Сени өткөн күнү көк – ала муштум кылып уруп салганымды да билбейм. Ошон үчүн мен мас болгонумда, үйдө турбастан башка жакка кетип калчы. Мен сага капа болбойм», - дегени кулагына кайра угулуп, жалынган элеси көз алдына келе калды.

Айдын жарыгында жаткан бала чукуранып энени элжиретти. «Ох, айланайын балапаным. Сен шириним, бейкут, таттуу уйкудасың. Сени атаң экөөбүздүн ортобузда бактылуу балалык сүрсүн, атасы жок алсырабасын деп, атаңдын көрсөткөн күнүнө айласыз чыдап келем. Апаңдын көргөн күнү – көр, көз жашы – көл, ичкени – ирим, жегени – желим. Бул акыбалыма жалгыз өзүмдү күнөөлөйм. Сенден көп жакшылыктарды күтөм. Сен менин – кубатымсың, чырагымсың. Сени чоң жигит болуп калганыңды элестеткенимде келечегим кеңейип, жашоом ооматтанып кетет!» - деп баласын жыттай жыттай моокуму канбайт.

Түн бир убак. «Кел эми алтыным, арам аракка мас болуп, эртеси эле экөөбүзгө жалбарчу акмак атаңа баралы. Уктаган болсо, үйүбүзгө кирели. Атаңдын бүгүнкү жорук-жосунун эч кимге байкатбадым, а бирок, менин жүрөгүмдө ташка тамга баскандай из калып жүрөт!» - деп күңгүрөнөт ичинен баласы угуп, билип жаткансып.

Айлана жымжырт. Эл таттуу уйкуда. Ай нурунун шооласында жылаң баш, көйнөкчөн эки өрүм чачы далысы менен бир болуп, баласын бооруна бекем кучактаган Азизанын ачуу көз жашы карегинен ылдый мөлт – мөлт эте ойлуу, үйүн көздөй араң басып келе жатты.

## КОШ БИЛЕРИК
### (аңгеме)



Аялдама. Эл ызы-чуу. Мына, биз күткөн автобус да келип, жөнөп кеттик. Шофер шаардан чыгар замат музыканын үнүн бийиктетип койду. Кызыл жүздүү тоолуктардын бири – бирине бакылдап сүйлөшкөнү музыканы бирде угузса, бирде угузбай барат. Негидир түбү жок ой – кыялдын чабытында баратканымда, бул акыбалымды кызымдын суроосу, таңдануусу козгоп жиберди.

- Апа, тигинде дайраны көрдүңүзбү, ай – Ий, бийик – бийик тоолорду карасаңыз?!

Капчыгай өрлөп, дайраны бойлоп бараттык. Жүрүп отуруп, айыл ичине да жете келдик. Ар тарабы тоолор менен курчалган, ортосунда буркан – шаркан кылым кечкен дарыя, калың калктуу бул айыл – Кызыл – Суу айылы деп аталат. Айылга кире бериште эки кабаттуу заңкайган чоң мектепке көзүң урунат.

Ооба, бул мектептен 14 жыл мурун биринчи эмгек жолумду баштаган элем. Мына азыр ошол мугалимдер, окуучулар көзгө элестеп өз ичимден акырын гана «Саламатсыңбы, мектеп!» - деп сыдырата көз жүгүртүп өтүп бараттым. Мына, биз көздөгөн жерге жеттик. Автобустан түшүп бир азга жөө жүрдүк. Жол четинде бараткаиыбызды эжем көрүп калып, кучак жая албырган жүзүнөн от жана айланып – үргүлүп келе жатты. Саламдашып, амандашып бүткөн соң, дасторкон жайылып баарлашып отурдук.

Убактымдын аздыгына карабай жайлоолотуп келем деп ат алдырып, Коңур-Дөбө жайлоосуна бет алдык. Мына коздук, сулуулук! Жол бойлой майда жылжыган булактар, түркүн түстүү өңү көз жоосун алып, жыты аңкыган гүлдөр, шиберлүү бет, жашыл арча: Андыктан агабыз Керим Туратов өз жеринин сулуулугуна эргип, «Туулган жерим сагындым…» -деген ырын жараткан турбайбы деп таңдандым. Катар – катар боз үйлөр, кишенген байлоодогу кулундар…

Эжем минген атын ыкчамдай бастырып, боз үйдүн жанына жете басты. Аңгычакты, келин балдары, неберелери чуруулдап чыгышып бизди тосуп алышты.

Заматта кой союлуп, чоң казанда эт быша баштады. Кеседе мелтирете коюлган кымыз сунулуп, эт тартылды. Айдын толуп турган убагы экен. Боз үйдүн түндүгүнөн түшкөн айдын нуру ичкерини  жарытат. Айдын нуруна жарк эте түшкөн эжемдин колундагы билерикке көзү түштү. Көзүмө тааныш, жылуу учураган бул билерик апамда болчу эле го деп ойлоп жаттым.

Анан эжемден сурадым:

- Колуңуздагы билерик абдан сонун экен! Анан да апамдын билеригине окшош го! – дедим, таңыркагансып.

- Ий- ооба, бул апамдын билериги. Туура таптың. Эмне, сен алайын деп жүрдүң беле?

- Жок, жок андай эмес!

Апам кырк жылдан ашуун колуна салып жүрдү. Аң-таң калдым. Сөз тез башка жака бурулду. Кайрадан сурайын деп, кайра суроолободум. Бир топко чейин сүйлөшүп олтуруп, эс алууга кириштик. Эжем, чарчагандыктанбы, тез эле уктап кирди.

Айдын жарыгына жарк эте түшкөн эжемдин колундагы билерикти акырын гана сылап жатканымда, кош билерик көп нерселерди эске салды.

Бирде, кичинекей кезимде апам сүт тартып жаткан. Мен абдан шок белем, ары-бери секирип, ойнолоктоп жатып челектеги сүттү аңтара төккөнмүн. Апам дароо, убал болот деп, төгүлгөн сүттү тазалап жатты, кейигенденби, далыма колу менен бир койду. Билерик салынган колу катуу тийдиби, же эркеликтенби, эреркеп көпкө ыйладым. Апамдын жалынып – жалбарып: «Урган колум сынып эле калсачы» - деп айткан сөздөрү дале эсимде.

Биздин бала чагыбыз менен чогуу келе жаткан кош билерикти эжем дароо тагып албай, кийинчерээк деле алса болмок эле да деп жатып уктап кетиптирмин.

Эртеси эртелеп жолго чыктык. Апама-атама белек-бечкектеримди ала келгем. Көргөн билгендеримди апама айтып экөөбүз сүйлөшүп жаттык.

Анан апамдан, эжеме кичине кезимден кызганып жүргөн таасиримди жашырып, ошол кызганычым менин дүйнөмдөгү кандайдыр бир жакшыбы, жаманбы күч түртө мындай бир суроону узатууга мажбур кылды:

- Неге билеригиңизди эжеме бересиз? Өзүңүз эле алып жүрө берсеңиз болмок? –дедим ачык эле. Тоонун ак мөңгүсүнө суктанып жүргөнүмө ушу тап бушайман жедим. Анткени, ошол мен күндө көрчү тоонун чокусундагы ак мөңгүдөй энекемдин чачтарын ак аралап калганын кайдан билейин. А эне, эне экен. Менин көзүмчө ак аралаган чачтарын билгизбеген таризде бырыш тарта баштаган колдору менен сылай жоол узатты.

- Ал билерик жеңдики. Аманат билерикти көзүмдүн тирүүсүндө ээсине берейин. Менин да жашым өзүм каалабаган бир топ жашты чамалап баратат. Угуп да жүрсөң керек. Сен укпасаң, башка эже -сиңдилериң билет чыгар, – деп оор үшкүрүнө мага арманын төгө салды:

- Биз кездерде балалуу болбой жүрдүк. Таяэнең, таятаңдар эмчи-домчуларга көрсөтө баштады. Илгери төрө Максым деген

болгон экен. Анын энеси Бүүназира деген олуя кемпир жашаган. Насип тартип ошол кемпирдикине барып калдым. Ал бизге Оштогу Сулайман тоого сыйынып, бей-бечарага кырк токоч бышырып, бир улакты союп кан чыгарып бергиле деди. Анан тоонун боорунда үңкүрү бар. Үркүргө киргениңерде, төбөдөн ылдый сылжып аккан суу бар. Эми алаканыңды жая ой - максат тилегинди кудайдан тиле. Сулайман пайгамбары колдоп, куда кааласа бала – чакалуу, мал-мүлктүү, үй-бүлө болосуңар деди. Кош бойлуу болгонуңда мага жолуккун деди. Айткан – дегендерин баарын аткардык. Көп өтпөй, түшүмө аян берип боюмда болду. Атаң экөөбүз баягы бүбү-олуя Бүүназира кемпирге келдик. Ал да кошо биз менен бирге сүйүнүп жатып:

- Уул төрөсөң, атын Назирмамат койгун, кыз төрөсөң – Назирахан койгун деди. Чач багына байланган кичинекей нерсени алды да, төрдөгү оймо – чиймелүү чоң сандыкчаны ача баштады. Ак жалтырак кездемеге оролгон бир нерсени салып жатты.

- Балам, мына бул укмуштан жасалган кош билерик! Келе бери, колунду сун. Азыр сага салып берейин. Боюңдагы наристең кыз болсо, чоңоюп эс тартканда ушул болгон окуяны айтып, жакшы күндөрдө колундан алып Назирахандын колуна салып бергин деди.

Кийин ай-күнүмө жетип, айдай чырайлуу кыз төрөдүм. Баягы айтуу боюнча кызымдын атын Назирахан койдум. Бүүназира кемпирге барып, эми – дому кылып, дуба алып кайтып келдик. Андан бери нечен жылдар өттү. Эжең бала-чакалуу, неберелүү болду.

Өз максат тилегимде чебере көргөнү барганымда, белек катары тапшырам деген ойдо жүргөнмүн. Тилегиме жетип, чебере көргөнүмдө атаң экөөбүз сый үстүндө мурас катары келе жаткан күмүш билерикти ээсине тапшырдык..., - деп жайдарылана сөзүн бүтүрдү.


- Рахмат, апа! Сиздин эмгегиңизди даңктоого сөзүм да, алым да жетпейт. Сиз алтын колуңузда эчен жыл ак ниет менен салынып жүргөн болсоңуз, эжем да ошондой касиет менен салынып жүрсүн,- дедим ич тардыгым жазылып, ыраазы боло.

Апамдын чачтарынан сылаган сайын кудум ак чачтарындай актыкты көңүлүмө алып жүрүүнү туюп, колунан мага бербей,

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ... МИНИСТРЛИГИ ... МИНИСТЕРСТВО КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА ... БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ ... ИНН 00909201410021 № ____

эжеме берген ак билерикти эстеген сайын ушул өмүр ирмеми көз алдымдан дайыма өтүп келет.

## АК БАРЧА КӨЙНӨК
### (аңгеме)



Эсимде. Биз кичине кезибизде апам базардан ак жалтырак кездеме алып келип, өзүнө көйнөк тигип кийген. Жака бели өзүнө жарашыктуу тигилген. Бул көйнөк кызыл жүздүү балбайган апамды ансайын көркүнө чыгарар эле. Башка түрдүү көйнөктөрү бар, бирок ак барча көйнөгү мен үчүн башкача сезилчү.

Узун жеңдүү ап-апак көйнөгүн кийип алып, күлө сүйлөп, билегине челегин илип, бээ сааган жерге барып ак кашка кулундун оозун майлап, тизелей түшүп бээ сааса, ансайын жарашып,кудум кинодогудай көрүнөр эле.

Акыркы жылдары ак барча көйнөгүн кез-кезде гана кийчү болгон. Кийинки кездери тап-такыр кийбей да койду. Эки-үч жолу барганымда көйнөк бүктөлүп, шкафтын тартмайында бир калыпта турганын көрчү болдум. Себебин, кийин билдим. Көрсө карыганда сымдуу көйнөк этке жагымсыз экен.

Бир жолу Ошко чакыруу келип калды. Менден кичүү иним үйлөнүп тоюу болгону жатыптыр. Бардым. Төрт-беш күн тууганчылап көңүлүм жайына түшүп кайтаар мезгил да келип калды. Кайтаарымда;

-Апа, мага ошол барча көйнөгүңүздү бериңизчи?, - деп сурасам:

-«Ой, кызым, ал ала бер, мен кийбейм, ошол бойдон турат. Бышык көйнөк экен. Кийген менен жыртылбайт.

Алып келдим да тигиштеринен бөлүп – бөлүп койдум. Коздоп суулама жаздык – балыш тигем деп ойлодум. Анткени, капчыгайда кыз –келиндер барча материалга сайма сайышат экен.

Тирүүлүктө кол бошобойт. Жууп даярдап жоолукка түйүп койгонмун. Кечке иш оор болуп чарчагандыктанбы, жаздыкка

тиер-тийбестен уктап кетипмин. Бир мезгилде ушунчалык сыбызгыган үн угулгансыды, өңү түшүмдү билбеймин. Тулку боюм элжиреп, токтоно албаймын. Кыйналып жатып ойгонуп кеттим. Ойгонсом, телевизордон Сыймык Бейшекеевдин «Менин апам», «Апаларды барктайлы» аттуу ырлары ырдалып жатыптыр. Көптөн бери төркүнүмө барбай, аябай сагынып калган элем. Ырдын мазмуну, мундуу үнү бүткөн буюмду калтыратып, эркимди ээлеп жүрөгүмдү эзип жиберди. Сагынуумду, кусалануумду ого бетер көбөйтүп жиберди. «Баа» деп ыйлаганымды көр. Өзүмдүн да апа экенимди унутуп, жаш балача апамды эңсеп ыйладым.

Эх! Жакында барганымда бек кучактап, жыттап-жыттап сагынычымды таркатпасам.

Ана, эсиме апамдын баскан турганы, сүйлөгөн сөзү, акылман кептери, тунук күлкүлөрү, аппак чачтары анан да: «Кызым, сен кеткенден эки-үч айдан кийин сагынып калам. Үйдө калып кеткен кийимдериң болсо жыттап – жыттап алам. Сени ойлосом, жүрөгүм ысып кетет», - деген сөздөрүн эстеп, эзилип эзилип ыйлайм.

Убагында маани берген эмес экенмин.

А азыр өзүм сагынганда билип отурам. Жанымда жаткан жолдошум да: «Эмне болду сага, апасын сагынса эле ыйлай берет бекен?» - деп тим болду.

Мен апама окшоп, апамдын бир белгиси, буюму менде болду бекен деп изделей баштадым. Таап калсам, аз да болсо мага кайрат бололу деп.

Эх! Акылсыздыгым, адашкандыгым, эси жоктугум. Шкафты ача салып жоолукта түйүлгөн тигиштеринен бөлүнүп-бөлүнүп калган апамдын ак барча көйнөгүн көрдүм. Ала коюп жыттагылап ыйлап жатам. Айланайын жытыңдан, апаке! Жаздык- балыш тикпей калайын. Нечен жылкы ап-апак көйнөгүңдү бөлүп салгандыгым ай! Көз жаштарым жазгы жамгырдай нөшөрлөп төгүлүп жатты. Сагынганмын, айла жок.

Бир кезде терезеден ай көрүндү. Тептегерек болуп толуптур. Айдын жарыгы – үйдү да жарытып жибериптир. Көңүлүм бөлүнүп кетти. Негедир Ай көзүмө ушунчалык сулуу көрүнүп кетти. Апамдын ак барча көйнөгүн колума алып жогору коюп коёюн деп жатсам, көйнөк толгон сары жылдыздар болуп кетти. Ой, чын эле бул жылдыздарбы? Эсебине эсеп жетпейт. Укмуш коздук. Ай

мага боору ооруган го. Ай-ий, Айдын нурун кара. Мага көрсөткөн колумдагы жылдыздарды кара. Ушул
сулуулуктар менен мени кусалыктан арылтайын деген го. Ай негедир мээримин төгүп, көп ыйлаба, туутан – уругуң, ата-энең аман-эсен- тынч. Аларды көрүп турам. Сен өзүңдү аягын. Сен дагы апасың, сабырдуу бол. Ата-эненин кадырын ошентип кийин билесиңер, – деп шыбырагансыды.

Эртесинде тигишинен бөлүнгөн апамдын ак барча көйнөгүн кураштырып, кайрадан мурунку калыбына келтирдим. Кайчы менен кыйчылап салбаганыма сүйүндүм. Абайлап кийим илгичке илип койдум. Негедир ошондон кийин баягыдай ээ-жаа бербеген кусалануу басандай түшкөндөй болду. Кез-кезде шкафты ачсам, ак барча көйнөк илинип турат. Алыстан мага кайрат айткан апамдын элеси келип, жыты сагынычымды басаңдата турган болду.

Ооба, менин апам бул күндө бактылуу апалардан, 3 уул 7 кыздын апасы, 30 небере, 4 чеберелүү болду.

Атам-апам балдары менен бактылуу.

## КУСАЛЫК

**(аңгеме)**

Тоо чокусунан каптаган боз булуттар. Заматта учу-кыйырсыз, багытсыз ызылдаган бопбоз куюн айылдын ичин топңго салды. Көз ачтырбаган бул шамалдан этек-жеңи делбиреп бирөөнүн карааны билинип-билинбей келе жатты. Колунда бырышкан бантик, тигишинен кеткен жерлерин чоң-чоң кылып ататтырып ак-кара жип менен тиккен. Эскилиги жеткен сумка. Басканына алым сынбай арада чуркап-чуркап келе жаткан ак жүздүү сулууча келген мектептин эң алдынкы окуучусу Айдана болчу.

Мектептин босогосун эми аттаганында, нары жактагы көзгө чакчелекей болгон пол жуучу аялдын аялуу кыйкырыгы аны сестейте койду.

- Ай, кыз! Кирүүгө качан звонок болгон, эмне, саатыңар жокпу? Сен кимдин кызысың? Кыз жооп берген жок.

- А Кубатбектин кызы турбайсыңбы? Байкуш десе. Кокуй, үстүңдөгү кийиминди көр, жупжука. Апаң сени ушинтип

жөнөттүбү? Апаң сүйлөсө, сөзү оозунда кайнайт, базарда болсо, кадамы бир шилтем. Ушундайынан жадап атаңар шаарга кетип, чамасы жайлуу жер тапканбы, айтор келбей эле койду. Айтмакчы, айылда бир кеп шамалдап жүрөт. Уккан чыгарсыңар. Атаңар башка бирөөгө үйлөнүп, кыздуу да болуп калган имиш.

Нары жактан бирөөнүн келе жатканын көрө коюп дароо байкатмаксан боло;

-Кир классыңа, кире кой кызым,- деп узун ички залга кол жаңсады. Залда бараткан Айдананын жан дүйнөсү жанчылып жабыркап, деми кыстыгып, апкаарып, жүрөгүн жаралаган ачуу сөздүн кайноосу көз жаш болду. Кирпиктеринин арасындагы ачуу жаш улам-улам жаак ылдый чубурап жатты.

Жалт бурулду. Сумкасын далысынан ылдый шыпыра жерге бир силкти. Бетин кош алаканы менен жаба, кысылган үн аянычтуу авазын сала ыйлап жолдо братты.

Жамгыр аралаш мөндүр жаай баштады. Мөндүрдүн ар бир томолоктору Айдананын бети–башына тийип аянычтуу калыбын өзгөрткөндөй болду. Үйгө да жете келди. Энесинен бөлүп алып калган улактарга көк чөп жем берип жаткан апасы Айдананы көрүп чочуп кетти.

- Эмне болду сага, кызым! Жакшы элесиңби?

- Ооба, апа.

Көкүрөгүнө ыктай башын жөлөп баратып, өксүй-өксүй ыйлаган кызын көрүп, Асыл баарын түшүндү. Эч нерсе байкамаксан боло, кызын кучактаган абалда үйүн көздөй жөнөдү.

- Чоң кыз да ыйлай берет бекен. Сен менин ишенген чырагымсың, садагасы. Сага ар ким ар кандай сөздөрдү айтып тамашалай берет.

Ушул учурда Асылдын көзүндөгү жаш күйөөсүнүн кайдыгерлигине, кызынын аянычтуу акыбалына жуурулушкан ачуу жаш эле.

- Апа, атамды сагындым. Ар ким эле тамашалай береби. Себеби, көп эле адамдардан уктум. Атаңдын кызы бар жана башка, тиги - бу деп. Атам, эмне, бизди сагынбайбы? Же бизди жаман көрөбү? Апа, атам сизди, мени жаман көрсө да, мен атамды эч качан жаман көрбөйм. Мен атамды абдан-абдан сагындым.

Кыздын чекесинен тер тамчылап жатты. Дароо идишке суу менен кошо бир даана даары ичирди.

…Бийик тоолор, тоолорго жакын ак булуттар. Колун созо ак булуттарды акчып кармап турат. Тоолор абдан бийик. Баланын да ою бийик. Мына, мына, ак калпакчан кырдач мурун, мурутчан, көздөрү жайнаган - Айдананын атасы. Айдана атасына эркелейт, кучактайт, өпкүлөйт. Атасы экөө булут менен жарышып, бийик тоолорду аралай учуп бара жатышат. Ой? Заматта атасын таппай калды. Ата, кайда кеттиң? Мен сизди таппай калдым. Айланага караңгылык түшө баштады. Атакебай!

- Ой эмне болду? Айданочка кызым. Апасы араңдан зорго Айдананы ойготту. Бакырайган көздөрү умачтай ачыла апасына тигилди да: «Апа, мен атамды көрдүм. Атам кана, кайда кетти?» - деп суроолоп жатты. Ысытмасы ого бетер көтөрүлө баштады. Түн бир оокумда чуркап барып медсестраны чакырды. «Эч нерсе эмес, азыр ушул укол менен жакшы болуп каласың,-деди медсестра келип көрүп. Айдана кайра уйкуга кетти.

Таң да атты. Айлана не бир сонун, ажайып кооз.

## ЖАҢЫЛЫШТЫК
(новелла)



Жолдо бирөө келе жатат. Бирде шашкалактап ылдамдык тездесе, бирде акырындап. Жүдөө кийинген, чачтары шамалга сапырылган бул аял ким болду экен? – деген ой көөдөнүмдү ээлеп алды. Жакындай бергенде жалгыз бой Зина эже экендигин тааныдым да, ичимден аяп кеттим.

- Кандай, Зина эже, жол болсун сизге! Эмне мынча эртелеп, кайда сапар алдыңыз?

- Больницага.

- Ие, эмне дагы ооруп калдыңызбы?

- Жок… Жалжылдаган көздөрү менен аялуу карай, жөн эле бир иштер менен баратканын айтты!

Төрөткана… Чоң-чоң айнектерден түшкөн айдын нуру бөлмө ичин жарытат. Бул жер адам баласынын дүйнөгө биринчи жолу көз ачып жарык дүйнө менен кездеше турган жер.

Тигинде бирөө наристесин колуна алып, кучак толо гүлдөрүн аялына суна жеңил машинага олтургузуп, бактылуу гана жөнөп жатышат. Көз алдымда таттуу махабаттын демин, таттуу күндөрдүн изин сууткан сени элестеп, көзүмө мончок-мончок жаш алып ата-энем көрбөгн алыс-алыс жерде жети омурткам сыздап төрөт бөлмөсүндөмүн. Кантейин? Тагдырымдын буйурганы ушул го деймин, деги эч ким билбей, абийирим жабылса болгону ошол.

- Ох, Зарина, келдиңби? Сенден көптөн көп жардам сураймын. Өзүң деле түшүнүп калдың окшойт. Сени аябай зарыгып күтүп жаттым эле. Түнү бою жаным жанчылып ооруп чыктым. Тезинен эле текшерип жардам кыла көрчү?

Оор дем алып, салмактуу, ойдо бир нерсеге кабатырдай:

- Түшүнүп жатам, кудай буюрса аз убакытта бошоносуң, бирок сага дагы айтаарым, күнөөсүз наристени алып кетчи. Кийин–кийин дагы өкүнүп каласың дейм да.

- Ой кайдагы кепти. Шартым жок, анын үстүнө кызмын… Менин бул акыбалымды ата-энем, тууган–уругумдун эч кимиси билбейт, - деп жатпаймынбы. Кийинки турмушум кудайдын айтканындай болоор да. Мен эч ким билбей, атымды тазартып алайын деп ушул жакта жүрбөймүнбү.

- Токтой турчу, бирөө келмек эле. А балким сыртта күтүп турган чыгаар. Каалганы ачар замат 40-45тер чамасында ак жүздүү бетин бырыш баскан, жалооруй карай бир аял бөлмөгө кошо кирди. Таанысбайм, оюмда бул аялды мага жардам берет го деп жаттым.

Аңгычакты Зарина:

- Эже азыр сүйлөшүп жаттык эле, 10-15 мүнөттө мына бул келин төрөйт. Азыр күтө туруңуз. Мен берген справкаларды даярдасаңыз, анан сизге документтештиребиз.

- Мейли, садагасы. Ошент. Өздөн артык кылып багып алам, - деп мага карай сурамжылагандай баш ийкеп жатты. Үндөбөдүм мейли, эже сыртта күтө турун. Аял сыртка чыгып кетти.

Ой, жаным! Ой, жаным! Толгоо күчөп, айлам кеткенинен кроваттын кармагычын мыкчый калам,- ай шор-руум! Кантейин апа!

- Чыда, чыда. Аз калды, мына-мына…

- Ыңаа-аа-а, - деген наристе үнү бөлмө ичин жаңыртып, өзүмдү жумшак, жарык кең дүйнөнүн сересинде сезип, черимден тамчылаган терди аарчып, кеттим. Кайрылып тиктесем ымыркай уул экен.

Эшик дагы кыңая ачылып, баягы аял баш бакты.

- Тура туруңуз.

Данектей чөргөктөлгөн наристени көтөрүп келип «Ме, эмизе кой, карачы, кандай татынакай уул» - деген сөздү угуп, жүрөгүм болк эте, денемди калтырак басып кетти! Жок, жок. Эмизбейм.

- Эй, акмак. Арам сүтүңдү аяба. Өз балаң, ууз сүтүңдү эмизгин, - кагуудан улам араң жаныма алып, эмизе баштадым. Таноолору дарбайып бакылдата соруп жатты.

Бул акыбалыма бирде ишенсем, бирде түшүмдөгүдөй.

- Келе бери, колуңу сун. Бир нерселер жазылган картон кагазды колума байлап койду. Көз салып окусам: «3 кг, 12-00 час 5-май Сын-Зина» -деп жазып коюптур.

- Зарина, рахмат сага . Ден соолугумдан наараызычылык жок. Баары жакшы. Ооруган жерим жок. Эми мен чыгып кетсем болот да, ээ?

- Жок, кандай немесин. Сен азыр жаңы төрөп, жаш этсиң, кокус катуу жабыркап калышың мүмкүн. Эртең бошотом. Ошол күнү кеч кирип, таң атпады. Өзүмдү капаска салып камалган канаттуудай сезип, сыртты карайм.

Эртеси үйгө жөнөөр мезгил да келип жетти. Шашылып халатымды чечип, кийим которуштуруп жаттым. Баягы картон кагазчаны чечип, халатымдын чөнтөгүнө салдым.

- Рахмат, Зарина, мен кеттим. Бул наристени сага тапшырдым. Калганын өзүң бил.

- Токтой турчу? Чөргөктөлгөн наристени колуна алып:

- Ме, коштошуп кой, ушул сенин акыркы көрүшүң го. Жаңылбасам же дагы курсагынан камтама болсоң, эмизерсиң, сенин балаң эмеспи! Туурабы?

Ушул суроолордон кийин негедир эт жүрөгүм эзилип, ушул акыбалга жалгыз эле мен күнөөлүүмүнбү, жок-жок, такыр башкача. Колунан алып, дагы бир ирет тойгончо эмизип, анын жыпар жытынан жыттап :

- Садагасы кайда жүрсөң эсен бол, бешенеңдегини көр. Менин акыбалым да оор. Эч бир башка жол жок. Ачыкка чыгууга мүмкүн эмес.

Көзүмдөгү жылуу жаштарды аарчый сыртка жөнөдүм. Зина ойлуу телмире тиктеп, эт жүрөгү эзиле «Эх, бактысыз бала ай! Эмне кылайын, көп түшүндүрүп айттым, көнбөдү. Акыры бир күн сенин да азабың өтөөр», - деп, айласыз муңаят. Наристеге бүгүн беш күн болду. Баягы кезекке турган аял күндө кабарлашып турду.

Бүгүн наристени алып кетер мезгил жетти. Мына, аппак шейшептелген ороочулар, дасторкондо бышырылган бир демеси бар. Бир букет гүл.

- Мен берген справка менен күбөлүктү алып келдиңизби?

- Ооба, айланайын атын Аманбек койдум. Рахмат сага да. Буюрса, ушул наристе менин бактым, ырысым, таалайым болот. Кудай аманчылыгын берсе, эртең эле там-туң басып чоңоюп, артымдай калбай «Апа»,– деп, көңүлүмдү көкөлөтөт да.

- Болуптур эже, ак жол сиздерге. Мына бүгүндөн баштап сиз бактылуу энесиз. А, Аманбегиңиз сүйүктүү бала. Бар болуңуздар.

Сүйүнгөнүнөн көздөрүнөн жаш чууруп, колундагы букет гүлдү узатты. Ак шейшепке оролгон жыпар жыттуу наристени кайра-кайра искелеп, арылуу кадам шилтей жеңил машинага көздөй баратты.

Жылдар зуулдап өтүп жатты. Зинанын жашы 38ге өрдөдү. Эч ким менен турмуш күтпөдү. Былтыры күздө апасынын көзү өттү. Апасы да Зинанын жалгыз бой жүргөндүгүнөн көп кабатырланчу эле. Бир канча жолу «Турмуш күткүң келбесе, жок дегенде бала багып ал, садагасы», - деп – эскерткен эле.

Зина эми турмушту түшүндү. Өкүнүү күндөн-күнгө кыйнап баратты. Өткөн күндөрдүн сырттары айрылып эскилиги жеткен сүрөт альбомдон эскерет. Мына, азыр да баскан-турган элестери сүрөттөр аркылуу элестейт. Улам барактап ачкан сайын узун чуурулган жип жолтоо болуп жатты. Мына, кызык, узун-узун бул жип созулуп жатып бир нерсеге такалып калды. Катуу тарта баштады. Мына оролгон картон кагаз чыга келди. Бетинде бирдемелер жазылган, өңүлө калып окуй баштады «3 кг. 12-00 час, 5-май, сын Зина» - деп жазылган. Алсыз калтыраган колдору менен көзүнө жакын тартып, кайра-кайра окуйт. Бир канча жолу кайталап окугандан кийин бүт денесин калтырак басып, деми кыстыгып,

заманы алай-дүлөй болуп, башын мыкчып «Айланайын садагам, кайдасын, кулунум, кечир мени!» -деп арандан зорго диванга сулк жыгылды. Аз өттүбү, көп өттүбү, эсин жыйып эч ким жардам бербешин сезип, өксүп-өксүп ыйлап жатты. Мына, эми көз алдына баары келе баштады. Ушул картон кагазды колунан чечип халатынын чөнтөгүнө салганын, анан бирөө жарым көрүп калбагай эле деп, узун жипке ороп, альбомдун жетине кыстарганын эстеди.

Мына Заринанын элеси, анын айткан сөздөрү кулагына дагы угула баштады.

## АЗДЕК МЕКЕН
### (жомок)



Күн уясын уялаган убак. Батыш тараптан кызарып, не ажайып сулуулукту өзүнө камтып турат. Мына, мына карангылык өкүм сүрүп, асманды Ай, жылдыздар ээледи. Ай сулуу, Ай алдында жымындаган жылдыз сулуу. Заматта Ай жарыгы ааламды тапты. Дүйүм-дүйүм сапсары алтын түскө жамынган өрүкзардын сыйкыр көрүнүшү адамдын жашоосуна керемет жашоо кошкон өңдөнөт. Сыдырым соккон күздүн суук жели саамай чачынды сылай, айтор бул түнкү сулуулукту сүрөттөгөнгө сөзүм жетпей турат.

Кемпир араң бүлбүлдөп күйгөн шам чырагын үйлөп жатып: «Берекем, кел эми бирге эс алалы» деп уктоого чакырды. «Мейлиңиз, чоң эне, мен сиздин сыйкырдуу жомокторонузду сагындым. Мага дагы жомокторуңуздардан айтып бересизчи?
«Ошентип чоң эне жомогун айта баштады».

- Болуптур эмесе, берекем, угуп тур. Мен бүгүн сага «Өрүкзар баяны» аттуу жомогумду айтып беремин. Бырыш баскан жүзү, ойлуу тиктеген көздөрү менен мелмилдеген көл тарапты тиктеп, минтип жомогун баштады.

- Илгери-илгери бир чоң айыл болгон экен. Ал айыл өтө шамалдуу, анан да какыраган чөл. Шарты абдан татаал болгон ал жердин жашоочулары абдан ынтымактуу жашашат. Ошол айылдын эң узак жашаган өмүрлүү аксакалы болуптур. Күндөрдүн биринде айылдан обочороок жерден тойго чакыруу келет. Айылдагылар баягы аксакалды сыйлап «Сиз барып келиңиз, тойдун тамаша-кызыктарын келип, бизге айтып бересиз»,- дешип жол азыгын камдап аттантышат. Жол жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп, аксакал маареке болгон айылга жетет.

Мына кооздук, мына сулуулук! Керемет бийик-бийик тоолор, аркайган аска-зоолор, менменсинген арчалар. Көбүктөнүп аккан дарыя аксакалды ушунчалык таң калтырат. Ошол эле учурда алыста өзү мекендеген айылы эсине түшүп кусаланат. Убак өтүп, аксакал элине кайтат. Тойдогу ызат-урматты, салт-санааны, оюн-зоокту, табигаттын сулуулугун айтып түгөтө албайт. Анан ал оор үшкүрүп, ойлонот.

«Эх, суу-өмүр, суу - жашоо. Биз суусуз көп өмүрүбүздү өткөрүппүз. Эми келечек муундар мындай суусуз кыйын жашоону көрбөш керек. Кеңешип кескен бармак оорубайт дешет. Эр – азаматтар, жигиттер, ошол мен көргөн дарыяны биздин элге буруп келип ичүүбүз керек. Макул этсеңер, жүргүлө. Арык казып, суу бойлотуп, көл кылалы. Мына, төрт жигит, силер аракеттенип көл казгыла. Калганыбыз айлап-жылдап болсо да арык казалы деп ишти башташат.

Жылдар өтүп, арык бүтүп, көл пайда болот. Ошол төрт жигиттин атында «Төрт -Гүл» аталып калган дешет. Мына бул мелтиреген күзгүдөй тунук көлдүн аталышы ушундай болгон экен, балам.

Суута чаңкап жүргөн айылдагылар көлдүн айланасына заматта миңдеген өрүктөрдү тигип, бакка айландырышыптыр. Тез эле көл жээги, ага жакын жерлер өрүкзарга айланыптыр. Бардык адамдарды таңдандырган өрзкзарды дүйнө эли тааныптыр. Ошентип Баткен жергебиз «Өрүкзар мекени» аталып калган экен.

«Кел эми, уйкуң да келген чыгаар», - деп, небересинин чачын сылай, кош кирпиктерин уйку жетелеп, таттуу уйкуга батышты.

Ооба, көл демекчи, көл кайдан жаралат? Жомокто айтылгандай, Төрт -Гүл көлүнүн башталышы улуу ата-бабаларыбыз мекендеп келген Кишемиш, Геревшин тоолорунун

чокусундагы Ак-Суу, Кызыл-Суу түптөрүнөн агып чыккан суу куймаларынын жыйындысынан дайра түзүлүп, агып келип көлгө куят.

Төрт-Гүл көлүнө жазда келсең, бүчүрү бөрткөн дарактары назик желге ыргалып, толкун кемеси келген шамалга толкундайт. Ананчы! Жамгыр жааса жыбырап көлдүн бети сыйкырга батат. Асман мейкини көк болсо., көл да көк.

Күздө келсең, коңур желге бетиң сыланып, айлана түркүн түстүн ортосунда күзгүдөй тунук көл чайпалат.

Кышта келсең, чет жакасы жука музга чулганып, берметтей кашкайып Төрт-Гүл чайпалат. Көл сулуулукту эле тартуу кылбастан, эли журттун күндөлүк керегине жарап, жашоосун улап, турмушун кулпуртуп тургандыгы баарыбызга белгилүү.

Эмесе, Төрт-Гүлдүн ар бир толкуну кур кетпей дагы орошон ийгиликтерди алып келсин!

Төрт-Гүл Баткен күзгүсү.

Оболосун, аздектеген өрүкзарлуу кичи мекеним – Баткеним!

## МИЛЛИОНДОГОН АК РОЗАЛАР
### (новелла)



Асыл убакыт болду. Мени күтүп калды го. Жолго чыгайын. Телефондо айтып койгонмун. Бирок, жалгыз отуруу кыйын го. Кийинип бүтүп жолго чыксам алгачкы жаздын жамгыры дыбырттап жаап жатыптыр. Ой, жаз жамгыры кандай сонун! Үйгө да жете келдим. Телевизор өчүрбөй диванда китеп окуган боюнча уйкуга кетиптир. Уйкунун ширindигин көр. Төшөнчүбүздү салып, Гүлнараны жаткыздым. Гүлнара – эң улуу эжемдин кызы. Университете 2-курста окуйт. Өзүм жалгыз жашап, жалгыздыктан жадап бүткөнмүн. Гүлнара келгенден бери өзүмдү жеңил сезем. Кечээ

күнкү кыздар уюштурган отурушка жибербей койгонума негедир өзүмдү ыңгайсыз сездим.

Телевизордо эстрада жылдыздарынын концерти башталды. Бир топ ырчылар ырдап жатышты. Мына – Алла Пугачева «Миллионы алых роз». Дүркүрөгөн кол чабуулар. Ыкчамдай сахнага чыга келип салам, салам колун жая сыйкырдуу музыка ыргагында кубулжута ырдап кирди. Ырдап бүткөн соң кучак толо роза гүлдөрүн жыттагылап «ой чоң ырахмат»-деп бир нече ирет кайталап жатты. Кандай сонун ыр, музыка!

Бирок, менин бул ырды уккум келбейт. Кайсыл жерде, качан укпайын ошол мезгил эсиме түшүп, баягы жаралуу жүрөгүм кайра жараланат. Мына азыр да музыка башталып аягына чыкканча эт-жүрөгүм эзилип, кыйналып кеттим. Акырын басып барып, телевизорду өчүрүп койдум.

Көөдөнүм толо кусалыкка айланып, аргасыздан көзүмдөн жылуу жаштар төгүлүп, жаай албаган жамгырдай шолоктоп ыйлап жаттым.

Ооба, менин бул акыбалымды кимдер сезет дейсиң, Гүлнара ойгонуп кетпесин деп сырткы бөлмөгө чыктым да, экөөбүз түшкөн сүрөттү көтөрө чыга стол үстүнө коюп алып, айнекке жаба жааган жамгыр мени кошо көз жаштарым агып жаты. Акырындап жаз жамгырынын ыйы басылса да, менин аянычтуу акыбалымдын ыйы басылбады.

Ооба, ал кезде менин Гүлнарадай студенттик мезгилим. Жогорку окуу жайдын 2-курсунда окучумун. Дал ушундай жаз күндөрүнүн бири. Ал учурда «ар дайым алтынчы күнү студенттер үчүн «дискотека» уюшула турган. Студент кыз-балдар тим эле ээ-жаа бербей ал күндү чыдамсыздык менен күтөөр элек. Ошентип, бактылуу күндөрдү өткөрүп жүргөнбүз. Бизин группада эки эле бала окуй турган. Алар ошол күнү бейтааныш 3-4- бала ала келишиптир. Биз бийлеп жаткан айланага келип бийлеп калышты.

Ана, шаңдуу музыка…

Бирде жай, бирде тез музыка ыргагына төбөбүз көккө жете бийлеп жатабыз.

Бир убакта: - «Кыздар таанышып албайлыбы?» - деп калдыңыз.

— Жакшы болот. Бийлеп жатып, таанышып жаттык.

— Бекболот!

Негедир сиздин атыңыз кулагыма жылуу угулду.

Экөөбүз таанышып жаткан учурда «Миллионы алых роз» ыры ырдалып, кол узатканыңыз боюнча мени бийге тартып алдыңыз.

— Ох! Ошондогу учур, кандай гана таттуу мамиле. Музыканын бүтпөшүн самап турдум. Бул ыр эсимден чыкпас болду го, чиркин! Шаңдуу музыка ыргагында сиз менен бийлеп жатып, өзүмдү бактылуу сезип кеттим. Ыргала бойлонуп турганыбыз көз алдымдан кетпей калды. Азга тынчтык өкүм сүрүп, бийлеп жаттык.

Бир убакта:

— Гүлазия, сүйлөсөң. Силерде кандай жаңылыктар болуп жатат? – суроолуу карадыңыз. Не дээримди билбей, алыстан уялганымдан кызара түштүм окшойт.

— «Жаңылык деле жок» - дедим. Айтор, ошол кезден баштап сиздин элесиңиз эсимен такыр кетпей басам-турсам оюмду ээлеп алды. Экөөбүз тез-тез жолугуша турган болдук. Бул сүрөт экөөбүз таанышкандан 10-15 күндөн кийинки сүрөт экен. Сүрөттү абайлап сүрөт катчуу альбомдун биринчи бетине кыстарып койгом. Сабактан келип эле альбомдун ошол бетин карап, андан соң эс ала баштайм.

Бир күнү сиз жакын досуңуздун туулган күнү боло тургандыгын, ага чогуу барышыбызды сунуш эттиңиз. Макул болдум. Ошентип, болжошкон убакта көчөгө чыксам, сиз мени күтүп турупсуз. Кол алыша колтуктанып жөнөп кеттик. Ал жердегилер бизди күтүп жатышыптыр. Дасторкон үстү дүйүм тамак-аш, арак-шараптар менен жасалгаланган.

...Ана шаңдуу музыка! Делебенди козгоп, эркинди бийлеп алат. Каалоо, сунуш, ой-пикирлер айтылып, стакандагы куюлган аракты мага сундуңуз. Каршылыгым жок, бирок, иче албайм десем болбой баш ийкегилеп жатып, зордоп, ичирип жибердиңиз.

...Ана шаңдуу музыка! Дагы «Миллионы алых роз» ыры ырдалып, бойлошо бийлеп жаттык.

Бирок ушул учурда негедир башым айланып жаным жер тартып, өзүмдү жакшы башкара албай калдым. Эс алууну суранып, башка бөлмөгө барып жата кеттим. Жаныма сиз дагы келдиңиз...

Эртеси өзүмдү жаман абалда калганымды сездим. Ошол күндөн баштап менде ой-санаа көбүрөөк боло баштады. А, сиз болсо негедир мага кечтеп жолугуп жүрдүңүз. Себебин, сурасам,

кандайдыр бир жооптор менен кутулуп жүрдүңүз. Бирок, сизге кату тие алганым жок. Кийинчерээк келбей калдыңыз. Чындап эле жүйөлүү себептер менен келе албай жатабы, же менден кол үзүү керек болуп жатабы? – деген саналуу ойлор көбөйө баштады. Чочулап сиз берген адрес боюнча жашаган жериңизге барсам, сиздин качан эле ал жерде жашабаганыңызды айтканда өкүнгөнүмдү айтпа. Издеп, издеп чарчап кала бердим.

Окуу аяктап, каникулга үйгө бараар мезгил да келе жатты. Ата-энемдин алдына кантип барам? Сизге жолуккандан бери курбу-курдаш, ата-эне эстен чыга түшүптүр го, чиркин!

Эптеп эле сабакка барып келмей. Тамакка табитим тартпай, өзүмдү негедир оор сезем.

Уйкум көп келет. Сабактан чыгып, кыздардан жашырынып врачка кайрылдым. Врач текшерип көрүп: «Эч кандай олуттуу нерсе жок кызым. Баары жакшы. Ну беременный мезгилде ушундай өзгөрүүлөр боло берет» - десе болобу. Төбө чачым тик туруп, аалам караңгылай түштү. Араңдан зорго ордумдан козголо, «ырахмат» айтып чыга бердим.

Эми эмне кылам. Кандай айла табам. Түнү бою кирпик какпай таңды атырчу болдум. Өмүрүмдү да кыйгым келди. Акырында окуу жайдын адресине арыз жазып төртүнчү курстар менен «строй отрядга» жөнөдүм. Жетекчибиз Нина Васильевна деген татар эжекей болчу. Аны менен тез эле ынак болуп кеттим. Акырындап отуруп, абалымды толук айттым. Ал мага абдан боору ооруду. Көп ойлонбой, көпкө эс алуумду эскертти. Оор жумуштардан оолак кыла баштады. Бирок, кайдан ойлонуп болбойт. Басам турсам ушул ой мени каңгытып бүтүрдү. Бир күнү эжей жаткан бөлмөдөн аптечкага көзүм түштү. Эженин жоктугунан пайдаланып, андагы бир топ дарыларды алдым. Сыртын окусам «анальгин» - деп жазылып туруптур. Чай идишке салдым да кечки тамактын алдынын ичип жибердим. Бир убакта башым айланып , куса баштадым. Айтор, калганын билбейм. Көзүмдү ачсам шыпааканада жатам. Нина Васильевна мени байкай калып. «Гүлазия, ну бары жакшы, золотая моя» - деп чебелене мени тынчтандыра баштады. Көрсө мага наркоз берип, тазалап салышкан экен.

Каникул аяктардын биринчи жумасында үйгө келдим. Апама эч нерсе байкатпадым. Ошентип окууну аяктадым. Жумушка орноштум. Кийинчерээк турмушка чыктым. Жолдошум менен 4

жыл турмуш курдум. Балалуу болбодук, ажырашып кеттик. Удаа-удаа ата-энемдин көзү өттү. Эже-сиңдим бары бала-бакыралуу өз турмуштары менен алек. Кийинчерээк дагы турмушка чыктым 3 жыл жашадык. Андан да балалуу болбодум. Врачка көрүндүм. Врач мага жаш этимден уу-химикаттын таасир бергендигин «төрөбөстүгүмдү» айтты. Ох, бактысыздык. Кантейин, жаштыгымдын – мастыгымдын жыйынтыгы ушул болду гө, арман!

Балалуу келиндерди көрсөм ичим туз куйгандай ачышат. Ошентип жалгыздык, куу баштык мага көлөкө болуп артымдан ээрчиди.

Ошон үчүн кыз затын ушундай өкүнүчтүү өмүрдөн оолак болушун самайм. Гүлнараны да абайлаганым ошондон улам.

Ошон үчүн ушул музыканы уккум келбейт. Ушунчалык таза, ширин махабатымдын аягы айтып түгөнгүс өкүнүчкө алып келгенине өмүр бою капамын.

Бирок жакшы турмуш, келечектен күдөр үзбөй, үмүттүү жашап келем.

...А сыртта жаз жамгыры дагы эле тынбай дыбырттап жаап жатат.

## КОЛЯСКА
### (новелла)



Ооба, төрдө аздектелип боз ыраң түстөгү коляска сакталып турат. Чоң эне аны караган сайын өткөн жылдары эсине түшө калып, жүзүн капалык чайып күбүрөп, алда бирдемелерди сүйлөп алат.

— Небереңиз маарек болсун, аяш эне. Оо, азамат, чоңоюп калган турбайбы, кана-кана! – дешип бир топ боз уландар бир күнү Курманбекти көргөнү келишкен. Курманбекке жакшынакай, сымбаттуу колясканы ошентип тартуулашты. Жакшы каалоо-тилектер айтылды. Бул күнкү чоң ата менен чоң эненин сүйүнчүн, кубанычын айтып түгөтө албайсың. Небере кандай ширин!

Курманбек деп ат коюп, ага жалбарышат, кагылышат, муну карап турган Абдыганы:

- Апа, көп эле жалбара бербеңиз. Кыйналып каласыз – десе.

– Жок, балам. Куда кааласа эртең эле там-тум басып артындан калбастан ээрчип жөнөп жатканын элестетип сүйүнүп жатпаймынбы?!

Каныкей болсо баягы калыбында, ачылбаган кабагы бул күндө деле ачылган жок. Кайнене, кайнатасын жактырбайт. – «Бул уктайт», - деп, баланы эркелеткен чал-кемпирдин колунан сууруп ала коёт. Карап туруп: - «Эх! Ушул шайкеш келбеген турмуш», – деп кейип кетесиң.

Көп өтпөй, экинчи кыз небереси көрүндү. Андан бетер чоң эне менен чоң атанын сүйүнүчтөрү койундарына батпайт. Кудайдын иши экен, ысытма чыгып, төрт айга кадам койгон наристе бүгүн көз жумду.

Чоң эненин кубанычы муздап ызаланып жиңи келсе да, келинге катуу тие алган жок. Күйөөсү гана азыноолак катуу сөздөрдү айтты. Ошол күндөн тартып Каныкейдин терс кылыгы ансайын көбөйө берди.

Абдыганы кээде сөз менен түшүндүрүп айтса, кээде колун да тийгизип жүрдү. Өз турмушун өзү суутуп жаткандыгын сезбеди.

Кийинки убакта экөө көп жаңжалдашчу болушту. Келинчегинин бул кылык-жоругуна чыдабаган Абдыганы Каныкейдин ата-энесин чакыртты. Өз ата-энеси да келди. Жакшы ойлор, сунуштар айтылды. Бирок баары кеч болуп калган эле. Мындай ырахатсыз, оор турмушту жашап, жадап бүткөн Абдыганы мындан ары бирге жашоого болбойт деген чечимге келди. Курманбекти алып калалык – дейт кемпир, бирок, энесиндей карап мээрим төгө албай каламбы? Үстү башын жүдөтүп жиберемби, анын үстүнө али жаш деп ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры апасына кошуп жөнөттү.

Бул күнү баарына оор болду. Тааныш эмес адамдарга кошулуп, эндиректеген Курманбек чоң атасын, чоң энесин, атасын издегени тага журттун капарына келбеди.

Бардык кубанычын, өкүнүчүн ичке каткан чоң ата менен чоң эне болсо не кылаарын билбей, ээн үйдө баягы кең заманы тардай сезилип калышканын да уулу капарына албайт.

Чоң эне Курманбектин коляскасын гана асырайт, конгон чаңчунун аарчыйт. Өзү жашаган бөлмөгө алып кирип койду. Аттин ай балага бирөө зар болсо, бирөөгө кор. Ушунун баарына күнөөлүү – Каныкей. Бала дегенде эт жүрөгү болк эткен Абдыганы кудайдан үмүтүн үзбөй Курманбектин келечегин ойлоп, кээде аны үйлөп-жайлап балалуу болушун элестетет.

А чоң атасы менен чоң энеси болсо ар намаз сайын кудайдан өмүр, бак тилеп Курманбектин келечеги үчүн дуба кылышат. Тез-тез, белек-бечкек алып берип турушат.

Быйыл 1-класска барат деген кабарды угуп, сумка алдырып, кийим-кече кийгизип да келишти.

Мына, жазда келди. Жаз гүлүндөй жадырап, жаш балалуу келиндер балдарын коляскага салып алып ары-бери басышат. Бир гана баягы боз ыраң коляска 10 жыл болсо да, али ордунан козголо элек. Анын үстүнө чоң эне эч кимге бергиси келбейт. Жалгыз Абдыганымдын гана баласы түшөт деп үмүттөнөт.

Каныкейдин кийин 2-3 жолу төшөк жаңыртканын, бирок, балалуу боло электигин угушкан.

Мен да бул жолу боз ыраң түстөгү коляcканын кармагычынан кармап туруп, көзүмө жаш толо калганын сезбептирмин. Кудай ай, көп жылдан бери турганы турган. Мындан наристе үнү ыңаалап чыга элек. Коляска да мага аярлуу тиктегендей, наристе жытын, назик үнүн сагынгандай, бир жайында тура берип чарчагандай сезилет.

Акырын колум менен сылап, коляcканын чекесинен жыттадым. Бөбөктүн жыты келе калгандай сезилди. Жүзүмдү жаш чайып, үнүм каргылданып, өзүмдү сыйкыр дүйнөдө тургандай сезип кеттим. Атам, апам, Курманбек иним, агам көз алдыма келе түштү.

«Ээ, кудай, менин агама бала бере көрчү?-деп жалынып да жиберем ичимден.

Мобул турган коляcканын ичинен наристе үнү жаңырып, Курманбек инисин ойнотсунчу. Атам менен апам улгайып баратканда, небере көрүшүп эчен жылкы үмүттөрүн жашартышсынчы. Баягыда неберелүү болушкандагы тоодой сүйүнүчтөрү дагы кайталансынчы. Курманбек да инилүү болгусу келет да. Кантип иниси менен чогуу ойногусу, бирге болгусу келбесин?! - деп таттуу кыялга батам.

## БУЛ САГА – САБАК
### (новелла)

Бир канча күндөн бери күндүн шооласын көрсөтпөй кубаттуу түрмөктөлгөн булуттар асманды кабактантат. Заматта көнөктөп жааган жамгыр азыноолак сел таратты, суук ичиркентет. Кез-кезде жалт деп көрүнө калган күндүн нуру болбосо, күндө эле жамгыр, жамгыр… Көздөрү шишимик тартып, өңү азыңкы, жан дүйнөсүн оору каптаган Айсулуу бүгүнкү күндүн жаандуулугуна күбүрөнүп, үй ичинде айнектин алдына салынган төшөнчүсүнө жата кетти. Колун акырын ооруган жерине алып барат. Ысык алаканы тиери менен оорусу басандай түшкөн сыяктанат. Үйдүн ичи жанга жагымсыз спирттин жыты анкыйт.

— Апа, медсестра эже келатат, туруңуз, – деген кызынын айтуусунан улам жоолук башын түздөп, кечээки укол алган жерин кармалайт.

— Саламатсызбы, Айсулуу эже? Ден соолугуңуз жакшыбы, кечээки күндөн бүгүн абдан эле жакшы көрүнүп турасыз.

— Шүгүр, кудайга шүгүр.

Кан басымын текшерип бүткөн соң;

- Эже, сиз эртең ооруканага барып, толук дарыгерлердин текшерүүсүнөн өтүп, даарыланып келесиз. Мен азыр сизге «направление» берем. Көз чарасы суз тартып муңайып тиктеп, алсыз аран башын ийкегилеп жатканда, көз жашы көкүрөк ылдый чууруп жатты.

— Апей, эмне ыйлап жатасыз? Сиз ойлонгудай олуттуу оорууңуз жок.

— Жок, эчтеке эмес бүгүн силердин майрамыңар эмеспи. Опюну эстеп эле, - деп муңайым күлүмсүрөдү эне. Анан аста сөзүн улады:

- Өткөн жылдары ушул күндөрдө башымдан өткөн окуя кылт эте эсиме келе калды. Жашоодо ак менен кара, ый менен күлкү, өмүр менен өлүм, жакшы менен жаман теңтайлаш жүргөнү ырас экен. Адам баласы курчап турган жан- жаныбарлардан акылыбыз, мээримибиз, ыйманыбыз менен айырмаланып турат экенбиз. Бул айкын чындык. Башымдан кечирген окуя сага өтө маанилүү-сабак болоор.

Менин сендей секелек кыз учурум. Насип тартып, жолдошум менен баш коштум. Кудайым эч нерседен кем кылбаган өңдүү ден соолугу чың, өңдүү түстүү, акылы тетик үч уул, бир кыз берди. Жашоо өз кайыгына салып агып жүрдү. Жашым 37ге өрдөп калган учурда боюма бүтүп, кызыма шерик болгой эле деп жаным калбай сүйүндүм. Бирок, үч айдын жүзү болгондо наристем жансыз төрөлдү. Көп өтпөй, кудайдын бергени экен, дагы мени сүйүнттү. Сүйүнчүм көп узабай экинчи ирет дагы жансыз төрөлдү. Берген да, алган да жараткан кудай деп, жүрөгүм сыздап кала берди. Бир жыл толук өткөндөн кийин дагы кош бойлуу болдум. Эми эсен-аман төрөп алсам экен деп, кээде түшүнүксүз ойлор, кээде кубанычтуу элестер көз алдыма тартылып, жакшы үмүткө жетеленип жүрдүм. Дарыгердин карамагында витаминдүү тамактарды тартпай жеп жүргөн убагымда ичим тез-тез түйүлүп ооруп, сыздаган белимдин толгоо оорусуна кабылдым. Дарыгерлер УЗИнин көрсөтмөсүнө таянып, баланы алдырып салууну сунуш этишти. Жакшы үмүттөрдү бекем ээрчип андан аркысын кыргызчылыкка багыттадым. Бүбү, бакшы, молдолорго, көзү ачыктарга көрүндүм. Бир күнү дагы өтө катуу ооруп калдым. Дарыгерлер облустук ооруканага жиберишти. Акушер-гинеколог текшерди да; «Сизди срочно операцияга алыш керек»-деди. Кайра туруп эки укол сайды дагы, «Эртең саат ондордо өзүм операция жасайм. Азыр менин шашылыш, зарыл жумушум чыгып калды. Дежурный врачка дайындап кетем»-деп кетип калды.

Жүрөгүм алда жаман бир демелерди сезгендей опкоолжуп турдум. Эртең медиктердин майрамы, кокус майрамдап алышып, мени кокустатып, коюшабы деген ой ээлеп турду. Эч кимге байкатпай сыртка чыгып, күйөөмө түшүндүрдүм. Корккonуман оорум басаңдадыбы, айтор шыпылдап таксиге отуруп, таанышымдын үйүнө качып жөнөдүм.

Түшкү саат 12лерде түйүлүп ооруган оору жанымды какшатып, дагы ооруканага келдик.

Башын чеңгелдеп кармаган ачуулуу мүнөздөгү врач-акушер текшерип көрдү да;

- Кайда жүрөсүң темселеп, өлгөнү калыпсың го. Өлүп эле калсаң болмок. Сейчас срочно сделаем операцию. Дамир, есть у вас водка. Давай принеси, а-то башым жарылчудай болуп жатат,-

деди. Жаным оозума кептелип, ынтыгып ооруган жеримди сезбей бараттым.

— Мен… мен операцияга макул эмесмин. Операциясыз тазалап алсаңар болбойбу?-дей салдым.

— Ие, акмак, бул сага игрушкабы?! Дагы эмне деп бизге үйрөтөсүң? – деп кекетет.

- Жок эмес, төрт балаң бар экен. Баладан коргон курасыңбы, же илгеричилеп «Мать герой», «Орден алгың бар беле?! Өңү түсүңө, акыбалыңа карап туубайсыңбы?! Тууйт десе эле 18 жаштагы келиндерди туурабай. Вот безсовестный, тупица, - десе болобу. Аңгыча оозу мурдун жамынган бирөөсү келип, «Ий, байкуштун баласы жок бекен, картайганда болсо да төрөйм деген го»-десе болобу.

Жаным жанчылып, жашоом түгөнүп бараткандай ал-терге түштүм. Үйдө калган төрт балам көз алдыма тартылып, өзүмө ичимден өкүнүп турдум. Төрөтүмдү ит туйбай, чекем тер көрбөй, заматта айдай уул-кызымды төрөп жүргөнмүн. Күйөөмдү чакырдым дагы;

- Кудай өзү сактасын, кокус «серп» эте түшсөм, балдарымды жакшы караңыз, тез эле үйлөнө бериңиз. Аялыңызга катуу тийбеңиз, балдарыма өчтөнүп жүрбөсүн", - деген сөздү араң айттым.

— Койчу кайдагы кепти, кудай өзү колдойт. Балдарымдын апасы-сенсиң, - деп көздөрү жаштанып турду.

— Чыгып туруңуз, баары жакшы болот, сиз кабатырланбаңыз,-деди медсестра. Жамбаштарыма оодарылтып укол сайды, мемиреп уйкуга бараттым.

Алоолонгон кызыл жалын от жалында бутум жерге тийбей учуп баратам. Оозум кургап, тилим катып, суу издеп, өрт кечип, каалгып түшүнүксүз жомок. Көзүмдү ача албайм, кулагыма бир нерселер угулат.

— Апа, суу… суу! Суу бергилечи, суранам?

Тилим булдуруктайт. Сөздү толук айта албайм. …Түшүнүксүз жомок…

—Суу, суу ичем!

— Шашпаңыз, сизге суу ичүүгө болбойт.

— Бир ууртам суу?!

— Азыр илебиңизди суулап коём. Сиз азамат айым экенсиз. Бардыгы артта калды.

— Мен айыгамбы?!

— Ой, албетте. Сиз жакшы болуп баратасыз. Сиз эрктүү, күчтүү, кыйын айым экенсиз.

Уктап калыпмын. Ойгонсом, палатада жатам. Маңдайымда кең далылуу, кош кирпиктүү ак жүздөнгөн ак халатчан врач бала.

— Эже, амансызбы?! Сиз уктап турдуңуз, сиз айыгып турдуңуз. Бардык коркунучтуу мүнөттөр артта калды. Сиз балдарыңызга, жашоодо аман калдыңыз. Сиздин жүрөгүңүз тоо, чыдамдуу аял экенсиз.

Бул сөздөрдөн кийин оорумду шыпырып алган сыяктуу жеңилденип, сүйүнчүм койнума батпай, «Рахмат» силерге деген сөздү айта албай, көзүмдөгү жаштарым агым кулагыма толуп, андан ары жаздыгыма сиңип жатты. Атаганат, ушундай да таттуу жанга шерик, жүрөккө кубат сөздөр бар экен го дедим.

Колумду сылаган түрдө жылмайыңкы гана:

- Алтыным, балдарымдын апасы, амансыңбы? - деп бетимден акырын өөп күйөөмдүн элеси жарк этти.

Уктап кетипмин. Ойгонсом жаш врач кыз.

— Саламатсызбы, апа?! Сиз улам-улам жакшырып баратасыз. Ничего, эч кам санабаңыз.

Колдорум, жүрөк тушум, мурдум, айтор бүткөн боюм, резина шнурлар менен бекилип, аппаратка уланган. Аппараттын дыңылдаган үнү өчөт, жаңырат. Тикчийген көзүнө ишенбей көз айнегин жакшылап таккан өңдүү врач кыздын эки көзү аппаратта. Кагаз бетине бирдемелерди чиймелейт. Күндөр өтүп жаты.

— Эже, бүгүн сизге 15 күн болду. Ден соолугуңуз аябай жакшы. Сизди экинчи кабатка
которобуз. 5-6-күндөн кийин үйүңүзгө бошотобуз.

— Рахмат, силерге. Силерге өтө ыраазымын.

— Эч нерсе эмес.

— Эсептештиңерби?!

— Ой, албетте. Сиздер операциянын гана акчасын төлөдүңүздөр. Башка дары-дармектерди туугандарыңыз алып келип берди.

— Жок, сенин өзүңдү ыраазы кылуу керек эле.

— Антпеңиз, мен сизди айыктырып карагандыгым үчүн айлык-маяна аламын.

— Жок, садага, кудайдын айткан күнү келип, өзүңдү ыраазы кыламын.

Аңгыча пол жуучу аял колумдан таяп, экинчи кабатка алып жөнөдү.

— Больной которулдубу?!

— Ооба.

— Фамилиясы ким экен?!

Ачуу жаңырган үн тааныш үндөй угулду.

— Охо, чоң катын келдиңби? Өлбөптүрсүң го. Өлүп калам деп корктуң беле? Неге кетип калдың. Барган мейманчылыгым да жарым-жартылай болду. Тааныш врачың бар экен балээге мага көрүнөсүңбү? Көрүнгөндөн кийин акырына чык, - деп сүйлөнүп кирди.

Мындай болчу?! Жибин алыш керек. Тарсылдатып кыркып жиптерин канатып суурул жатып,

- «Эми өлбөгөнүңө шүгүр де. Если өлгөнүңдө, кара мал союлуп, молдолор тоюнуп, көк кийгени кийип, кийбегени жок уже чирий баштамаксың, - деп наразыланып сүйлөнүп жатты.

Айтаарга сөз көп, бирок ушулардын колунда эмесминби дедим да, эжемди чакырып, врачка бирдеме берип кой дедим.

1000 сомдуктун чекесин көрүп эле,

- Ну баары жакшы болот, өзгөчө көңүл бөлөм, - деп сыпайланып калды.

Тынбай тез-тез келип:

- Состояниең кандай, жалоб жокпу? Уже күндөн-күнгө эттериң бүтүп жакшырып баратат, - деп жүрдү.

Коштошоор мезгил келип, жашоом да жыргалданып, бул жашоонун эң бир таттуу экенин сезип жаттым.

- Кел эми, эжекеси, бул кагазга сенин оорунду жазып бердим. Кокус оорусаң, ушул кагазды дарыгерге көрсөтөсүң. Эми такыр ооруба, - деп колумду кысып коштошуп жатты.

Кагазын ачып окусам түшүнүксүз сөздөр. Диагноз деген жерин окудум. «14-15 недель замершающий, ампутации матки. III степень кровотечение" – деп, дагы бир нерселер жазылыптыр.

Сыртымдан эч нерсе байкатпай "рахмат" дедим. Айткан жүрөктөн кеткис уу сөздөрү дагы эле күнү бүгүнкүдөй кулагыма угулат.

Кээде мээримин төккөн, кубаттуу, жанга жагымдуу сөздөр менен астейдил караган дарыгердин элеси көз алдыма тартылып, аларга өтө терең ыраазы болуп кетем.

Уктуңбу, Сымбат. Сени да эл "Жакшы медик экен. Кичи пейил, ыймандуу, тили таттуу, мамилеси таза", - деп айтып жүрүшөт. Сага, сага болбосо дагы башка бирөөлөргө бул окуя сабак болот чыгаар.

Нөшөрлөп көнөктөгөн катуу жаан жол карап, көз ачуута чамаң келбейт. Асфальтта зуулдаган сел. Кулагымда; "Сен, сен болбосоң дагы бирөөлөр үчүн бул окуя "сабак" болот чыгаар. ...Сабак, сабак, сабак..." деген сөздөр улам кулагыма жаңырып турду.

## БУРУЛУШ
### (аңгеме)

Асманда ак чуудадай чубалган ак булуттар ары-бери жылышып бирде күн нурун тосуп көлөкө жамынтса, бирде күндүн нуру тегиз тийип ааламды жылытат. Айлана күндөн-күнгө кооз тартып, бүчүр бөрткөн бак-дарактар күн нурунан күч алып улам өсүүдө.

Жаз... Жаз демекчи, жазды кимдер сагынбайт. Баятан бери Каныштай апа үй эмеректерин күнөстүү жерге жаюу менен убара. Чарчагандыктан улам чоң өрүктүн түбүндөгү төрт чарчы сөрүчөнүн четине орун сала отура кетти. Короодогу өрүкзарга, айланадагы кубулушка назар сала жаз - укмуш керемет, негедир көөдөнүңдө тазалык өкүм сүрөт!" - деп бир аз кыялга бата кетти.

- Ии айткандай, оо-уу Нурбек кайдасың?! Сабакка жөнөөр мезгил болуп калбадыбы? – деп небереси эсине келе кала чыйпылыктап кетти.

- Дагы кайда жүрөт болду экен. Баягы адатынча канаттуулардын уясын бузуп, ала мышыкча шорун курутуп жүрөбү дейм да.

Аңгычакты тап этип дубал коргондон секирип түштү. Бети-башы кир, шымдары тигишинен айрылган, мойнунда асынган рогаткасы бар

— Ой, ботом, сабагыңа жөнөбөйсүңбү?

— Барбайм.

— Неге барбайсың?

— Сабактарымды аткарган эмесмин.

— Неге аткарбадың?

Жооп жок, үндөбөйт.

- Ай ушул сен болбогур бала болуп баратасың. Атаң кабар алганы бир келгенде, сен жөнүндө не дээрди өзүм билет элем. Эмнеси болсо да тез сабагыңа жөнөгүн, сабактын башталарына аз калды. Бүгүнкү жаңылыктардан бүтүндөй каласың. Тур, тура гой.

— Барбайм дедим го.

Чуркап барып нан салгычтан жарты нанды алды да, сыртты көздөй чыгып кетти.

Нурбектин эки көзү бак-дарактардын башында. Уя эле көрсө, ала мышыктай жармашып чыгып, уяны бузуп, жумурткасы болсо, ылдый көздөй ыргытат. Конуп турган канаттууну көрсө, артынан сая түшүп куугунтуктап, акыры өлтүрүп тынат.

Сабак бүтүп жол катар келаткан классташтары Нурбекти көрө калышты да; "Эй Нурбек эртең сабакка баргын, сочинение жазат экенбиз. Эжей көрсөңөр айткыла деген болчу? – деп өтүп кете беришти. Эртеси эмне үчүн сабактан калгандыгын сураса, үндөбөй туруп кутулду.

- Мейли эмесе, калган сөздү класстан тышкаркы убакта сүйлөшөбүз. А, азыр сочинение жазабыз, - деп досканын бетине "Канаттууларга кам көрүү" деп теманы жазып койду.

- Ар кимиңер өз оюңарды жазгыла. Балким ыр жазасыңарбы, болгон окуяны айтор өзүңөр билгиле, - деп жазууга уруксат берди. Окуучулар жапырт жазууга киришти. Артта отурган Нурбек не деп жазаарын билбей, алды- артын карап, изденимиш болот. Сабак акырындап баратса да, барагы али актай боюнча. Эжеке жыйноого буйрук берди. Эптеп шашмалап жарым жартылай "Жаз келди, канаттулар учуп келди, жамгыр жаайт", – деп араң жазып бүтүргөнсүдү.

Эртеси мугалим эжей жазылган сочинениелер боюнча маалымат берди. Нурбек болсо өзүн эмне деп айтат болду экен деп

ичинен ойлонуп отурду. Айрыкча Гүлнур деген кетирекей мурун кыздын жазган сочинениесин баса белгиледи. Анда кичинекей сары ооз балапан катуу шамалдан улам уядан түшүп кеткенин, аны абайлап алып уясына салып койгонун, кийин ал чоң таранчы болуп учуп кеткенин мазмундап жазганын айтып, Гүлнурдун жасаган эмгегине абдан ыраазы болгондугун жарыя кылды.

Андан кийин мугалим эжей Нурбектин жанына келди да;

— Сен эмне, канаттууларды жаман көрөсүңбү? Жок дегенде канаттуулар жөнүндөгү жаттаган ырларыбызды жазып койсоң болмок деди.

- Балдар, эмесе китебиңердин 87-бетин ачкыла. "Жаз келди" деген аңгеме жазылган. Азыр өз алдыңарча окуп билген түшүнүгүңөрдү айтып бересиңер. Сабактын акырында калганын айтып бышыктап берем, - деди.

Окуучулар китептерин шарактатып ачып, балдыратып окуй баштапты. Нурбекте эч кандай кыймыл жок. Партага өбөктөй жатып, мугалимден көзүн ала качып отурду. Мугалим байкап калды да;

— Сумкаңды бери берчи? Деги окуу куралдарың барбы?
Сыдырмасы иштен чыккан кара сумканын ичин аңтара баштады. Чоң сындырым нан, резиналуу кызыл-ала кан рогатка, бир тиштем алма башка эч нерсе жок. Аңгыча болбой алдында отурган Бакыт;

— Көрдүңүзбү эжекей, бул канаттуулардын душманы, андагы нанды жейт да, рогаткасы менен канаттуулардын шорун курутат. Уяларын бузат, жумурткаларын сындырат.

Анан бул сочинениени эмне деп жазмак. Окуучулар баары наразылана бакылдап сүйлөп кирипти.

— Болду, болду. Тынчтангыла. Уктуңбу досторуңдун айтканын? Эми экинчи ирет кайталайсыңбы? Бул өтө уят иш.

Нурбектин бети кулагына чейин кызара түштү. Өтө ыңгайсыз абалда калып, бакырып ыйлапка аз калды.

Мектептен келип эле рогаткасын тең бөлүп сындырды. Окуу куралдарын иретке келтире баштады. Бети-колун самындап жууганча кирипти.

Сабактан эч калбайм деп өзүнө-өзү убада берип жатты. Бул Нурбек үчүн чоң бурулуш эле. Нурбектин жакшы жакка өзгөрүлүп бараткaнын мугалим эжей ошол күнкү уялтуудан кийин тез эле байкай баштаган.

Чоң энеси Каныпай апа да негедир Нурбектин өзгөрүлүп бараткапына өзүнчө эле кубанат. Эмне себеп экендигин билбей аң-таң. Күбүрөнүп ыр жаттаган, бирдемелерди жазган, сабакка даярдык көргөн неберссине ичинен ыраазы боло таңыркап карайт. Дагы жолунан адашпаса экен, баягы терс адаты кармабаса экен деп тилейт.

## САНДЫК
## (новелла)

Басканым арбыбай чарчап турам. Демим кыстыгып түбү жок ойго чөмүлүпмүн. Бутум тайып кетип, ой! – деп жыгыла жаздаганымда, көзүм чайыттай ачылып кетти. Ойгонуп кеттим. Кайра уктоого чамам жок. Негедир алсызмын, дүнүйөм жетим, көңүлүм бук, черим жазылбайт. Бир топко чейин түпсүз ойдо ары-бери чабалактап жаттым.

Сыртта сайраган булбул үнү. Ар түркүн тилге салып, не бир сонун керемет безеленет. Кыйкырган короздун үнү да угулду. Ордумдан туруп кийинип бүтүп, сыртка чыктым.

Өрүк гүлүнүн жыты, мээримдүү жаздын таңы - өзүнчө бир керемет. Чыгыш тарап ак көйнөгүн желпинтип, ааламга мүнөт сайын жашоонун кызыгын тараткан сыяктанат. Арык бойлоп шылдырап аккан суунун үнү өзүнө тартат. Мына эми бирин-экин мага окшоп таң эрте турган адамдардын үнү угула баштады.
Шоктонуп агып жаткан суута колумду сунуп жүзүмдү жуудум. Дасторконду жая чай ичип бүткөн соң, апама багыштап куран окуп, анан жолго аттандым.

Автовокзал... Эл ызы-чуу. Биз түшчү автобус да келип токтоду. Заматта эл жык толду. Анткени, эртеси курбан айт болчу. Анын үстүнө студенттер да каникулдан кайткан күн экен. Зымырап жолдо баратабыз. Студенттер өзүнчө эле күлүшүп шайыр - шат. Айрымдары телефондон музыканы катуу чыгарып, кыңылдап ырдап коюшат, дагы бирөөлөрү биринен бири кыйын көрүнүшүп көздөрүнүн кырына салып тиктешет. Жолдун тең бөлүгүнө жетээр кезде шофёр аялдамага тык токтоду да, өзү жык-жыйма салонго бир топ жүргөнчүнү орундук болбосо да алып алды. Ар түрдүү

курактагы жүргүнчүлөр бир азга тим жүрүштү. Менин бет маңдайымдагы чачын ак баскан кары кемпир, орундук берип калабы деген үмүттө отургандарды сыдырата көз жүгүрттү.

Баятан бери шоктонуп келе жаткан студенттер калп эле көздөрүн уйкуга тартышат. Уялып кеттим да;

— Келиңиз, отуруп алыңыз, - дедим.

— Кой, тим кой, мына жаштардын бирөө тураар деди.

Эч ким үндөбөдү. Бечара карыган неме чарчаганбы, үшкүрүнө рахматын айтып отура кетти.

— Кайда барасың?

— Ошко барам.

— Ие, мен жарым жолдо түшөм. Ата-энең барбы?

— Атам бар. Апамдын көзү өткөнүнө бир жыл болуп калды. Үнүм каргылданып бошой түштүм.

- Ата-эне өлмөк мурас, балам. Эч ким мага окшоп калбасын, эки уул, үч кызым бар. Тун уулумдун көзү өтүп, неберелеримден тез-тез кабар алып турам. Көргөндөр урушат, үйдө тим отурун деп. Баламдын үйүнө барсам, сагынчым басандаган өңдөнөт.

Ошентип туулган жериме, үйүмө да келдим. Эшик алды тууган-уруктардын жыйыны. Чуркап келип бала-чака, кайын журт, эли-жерди сурашып, болгон мейманчылыгын көрсөтүшүп көңүлдү көтөргөн болушат.

Бирок, кайдан көңүл көтөрүлсүн. Бөксө жерим толбой, жетишсиз бир демени күтөм, издегилейм. Үйдүн ичи шаңшөөкөтсүз, куну учкандай сезилет. Ал апамдын орду эле. 3-4 күн тууганчылап жүрдүм. Керели- кечке эже-сиңди, коңшу-колоң менен алаксыган болом. Кеч кирсе, атам экөөбүз бир убакка чейин өткөн кеткендерди сүйлөшөбүз. Кээ күнү  кеч киргенде муңдуу комуз күүлөрүн чертет атам.

Жатаар мезгил келип эми төшөнчүмө жатаарда, айдын жарыгы бурчта турган сандыкты жарыта берди. Ой, апамдын сандыгы. Келгенимден бери байкабаптырмын. Айнектен кирген айдын нуру сандыктын так өзүнө тийип турду. Акырын барып, ичин ачып көргүм келди. Атам ойгонуп кетпесин деп акырын сандыктын оозун ачтым. Ичи бопбош, анча-мынча набаттын, мейиздин калдыктары калыптыр. Кулпусу да жок, өңү бозоруп өчүп эскире түшүптүр.

Сандыктан улам менин эсиме көп нерселер келе баштады. Ооба, апам анда сандыгын жаңы алган экен. Ичине дүйүм түрдүү нерселерди салып койчу. Анар мейиз, набат, өрүк түрдүү конфеттер. Ар дайым кеч жатаарда буруксуган кыпкызыл чай демдеп, дасторконун ошол сандыктын жанына салып мени чакыраар эле.

— Кел, кызым, жашсың, түн узун, курсагың ач калат. Экөөбүз чай ичели, - дечү.

Апама жаш балача эркелеп, сандыгындагы түрлүү даамдан жеп тоюп алаар элем. Неберелери да ошол сандыкта шириндиктер бар экенин билишет. Ойноп келишип эле сөөмөйлөрү менен сандыкта көрсөтүп алып бермейин кетпейт. Ал тургай чоң эле үйлөнүп жайланып калган агаларыбыз да апама азилдешип;

- Келиң эми, сандыктагы ширин сары наватыңыздан, мейизиңизден бериң. Бул сандыктан алып жеген өзүнчө бир ырахат,- дешээр эле.

Бир жолу апамдан:

- "Эмнеге сандык колдоносуз, буюм-тайымдарыңыз сакталчу нерселериңиз көп го? – десем.

- Ий балам, кемпир адамга сандык ыңгайлуу экен. Тигил сервантка барып келгенимче, бул өзүмдүн кичи үйүмдө шартыма жараша өтө эле жакшы. Негедир сандыкты жакшы көрдүм. Пенсиямды чогултуп алып алдым, - деди.

Атаганат, алтын апам ай! Карачы эми, урунган бардык нерселериңиз турат, өзүңүз жок. Ичи толгон түрлүү даам болчу, сандык бүгүн бош турат. Сандык эч кимге керек эместей. Ар ким өз буюмун өзү сүйөт, өзү кадырлайт турбайбы. Жаркыраган ак сандык бүгүн өңү өчүп, кыйшайып эскилиги, жетип бурчта бош турат.

Эртеси эрте менен сандыкты тазалап чаңын аарчып, кагып-силкип, атама деп алып келген нерселердин баарын иреттеп салып койдум. Мындан кийин ар дайым келгенимде алып келгенимди дасторконго коюп, ашканын баарын ушул ак сандыкка салып коюуну эп көрдүм. Сандык да апамды сагынган, кусаланып күткөн сыяктанды. Маанайым пастап, көңүлүм чөгүп, кыялымда апам бардагы бактылуу балалык күндөрүм, экөөбүздүн чай ичип

сырдашып отурган күндөр элестеп, ак сандыктын сыртынан сылап коюп отурдум.

Алтын сандык, апамдан калган сандык, апамдын элесин берген сандык. Энелик мээримге, жылуу мамилеге, ширин-ширин кыялдарга жык сандык. Сен дайыма бар бол. Ар келген сайын мага энемди эстетип тур.

## КЫРМАНЧЫ



Күз. Айлана сары түскө айланып, аба-ырайы өзгөрүп, коңур күздүн салкын жели жортот. Асман боз тартып, тээ алыстан шурудай тизилип учкан каркыра-турналардын үнү карк-курк этет. Дүр эткен муздак шамалдын күчүнөн улам араң турган бак-дарактардын жалбырактары жерге карай шуудурап күбүлөт. Талаада эгин-тегиндин кызуу жыйналып жаткан учуру.

Акыл карыянын жашы быйыл сексен бешти таяды. Эрте эртелеп намазын окуур менен күнөстүү жердеги салынган сөрүчөдө ары-бери өткөндөрдүн алик-саламын алып күндү кечтетет. Негедир бүгүн айыл-апага кийилүүчү кийимдерин кийинип, таягын колуна кармап бир жакка барчуудай. Муну байкаган тун уулу Сапарбек;

— Ата, эмне, бир жакка барасызбы?

— Ооба.

— Үйдө эле тынч отурбайсызбы? Каякка барасыз?!

— Каякка дейсиңби?! 4-5 күндөн бери Аскардын комбайнынын үнү басылбайт. Чамасы кырман көтөрүп жатат окшойт. Ошол жакка барып кырманчылар менен эрмектешип, маектешип келейин.

— Оббоо! Сизге кырмандын эмне кереги бар?!

— Шек, шумдугуң кур.

Кырман азиз жер. Силер эмнени билесиңер. Акыл карыя сөзүн кыскартты да, кырманды көздөй жөнөдү. Жолунан бет маңдай чыга калган кээ бирөөлөр таңдана карашып, ийиндерин

куушура, каштарын серпишет. “Карыганды үйүндө эле тим отурбайбы?” – дегендей божурашат. Кээ бирөөлөрү алик-салам айтышып, ден-соолугун сурап өтүштү. Кулагы өтө сак, коюу кашынын астындагы жүлжүйгөн көзү шамалга араң эле ачылат.

Кырманга да жете келди. Кыпкызыл болуп үйүлгөн буудайдын баштары. Ох, дандын жыты керемет! Тигинде комбайндын бункери улам толгон сайын машинеге оодарып салып берип жатат. Иштин кызуу учуру.

— Оо, жол болсун аксакал. Каякка жөнөдүңүз? Чарчаган окшойсуз, мына, сөрүчөгө отуруп бир аз дем алыңыз.

— Рахмат, кайда бармак элем. Так ушул жер эле көздөгөнүм. Кандай, тынч аман жүрөсүңөрбү? Кырманга береке болсун, кампаңарга эгин толсун, өмүрүңөр узун болсун!

— Рахмат, ава. Өзүңүз да демдүү жүрөсүзбү?

— Шүгүр, айланайындар. Тиги буудайдын бир кочуш алып берчи, балам.

Калтыраган арык колдору менен кочушталган буудайды улам-улам жыттап, көзүнө сүрткүлөп, кайрадан Алымга берди. Ошол учурда жүлжүйгөн көздөрүнүн кычыктарына жаш жайылып барып араң токтоду. Сезип калган Алым:

- Кырманды сагынып зээригип калган окшойсуз чамасы, андан көрө өткөн-кеткенден сөз салып отуруңуз, дей салды.

— Кимдин баласы болосуң?

— Арзыматтын.

— Ээ, токто, токто, уулум. Байкуш атаңдын көзү өткөнүнө 4-5 жылдай болду ээ?

— Ие, аксакал. Ошондой болду. Сиз жөнүндө атам көп нерселерди айтчу. Сизди тааныйм да, ошондон улам “кырманчы аба” – деп жатпаймынбы?!

— Баракелде. Атаң экөөбүз бала кезибизден чогуу ойноп, бирге жүрдүк, согуштун апаат күндөрү жокчулукту бирге таттык, - деп тээ өткөн жаштык күндөрүн эстей кебин улады:

Атаңдын бир буту аксак эле. Согуштун эң оор күндөрү. Талаада эгин-тегинди жыйып, кырманда бирге корукчу болдук. Бай-манаптардын сокку уруусун экөөбүз көп тарттык. Мен эсеп ишин, уюштуруучулукка эпчил элем. Атаң мага жардамчы. Бир жолу ат чегилген арабага эгин артып, кампаны көздөй жөнөдүк. Эгин талаа менен кампанын арасы бир топ эле. Жолдо баратсак,

араба сынып калды. Эч кандай жардам жок. Күн кечтеп калды. Түнү менен бирге данды коруп алсак, эртеси бирөөбүз барып башка араба алып келмекпиз. Түн бир убак, көзгө сайса көрүнгүс капкараңгы. Беш – алты атчан дүбүрттөп келип эле колдорубузду кайырып, башы-көзүбүзгө ургулап, эгинди бизден тартып алышты. Экөөбүз ары тарткылаштык, бери тарткылаштык, алыбыз жетпеди. Артыбыздан аңдыган уурулар ур-токмокко алып эгиндин жарымын алып кетишти. Ошондон улам бетимдеги мына бул узун тырык из калды, деп колу менен көрсөттү.

- Эртеси кабарлашып бизди алып барышты. Өңү-түсүбүздү көргөн кыз-келиндер улуп-уңшуп ыйлап кала беришти. Бирок, алардын сазайын райкомдор беришти. Таанып билгендерибизди айттык, - деп өзүнө-өзү ыраазы боло муруттун сылап койду. Анан:

— Ээ, балам, айта берсең, сөз көп. Ал мезгил кайталанбасын. Азапты биз көрдүк. Согуштун апаат күндөрү нечендеген адамдардын өмүрүн алып кетти, нечендеген энелерди сыздатты, нечендеген келиндер ыйлап жаш балдар жетим калды, - деп муңая түштү. Бир топтон кийин менин бетиме тик карап:

- Сен да атаңды тартып кырманчы болоюн деген экенсиң да. Жарайт, уулум. Кырман бул ыйык жер. Эли-журттун ырыскы насибин топтогон жер. Берекенин жери. Силер бул ыйык жердин пирисиңер. Кырман жайда уурдоо, алдоо, жаман сөздөрдү айтуу, арак ичүү деген такыр болбош керек. Силер учурдун, эң жооптуу мезгилдин ыймандуу таза адамысыңар.

Элдин ырыскысын топтогон, жыйнаган берекелүү дыйкандын жан шеригисиңер, - деп насаатын айтты.

- "Кырманга береке" – деген улук сөз бар. А мен "Өмүрүңөргө береке" – демекчимин. Улуу сөздүн эгеси, ишенимдүү адамы болуп жүрө бергиле.

Кызуу маектешип отуруп, күндүн кечтеп калганын да сезбей калышты. Күн уясына жашынып, акыркы алтын нурларын чачыратып баратканын эми сезген карыя колун жая, ой-тилек, максат- муратын балдарга айта жүзүнө дуба тартып кайра кайтууга белсенди.

## ӨКҮНҮЧ
## (новелла)

...Кой, айланайын садага, мынчалык неге көзүңдүн жашы тыйылбайт. Жакшылык ишке көп эле жашый бергениң болбойт, сенин бул акыбалыңдан чочулап биз уулубуздан да суроолодук. Экөөңөр сүйлөшүп, сырдашып жүргөнүңөргө эки жылдай болуптур. "Таш түшкөн жеринде оор" – дейт. Эми ыйлай берсең уят болот, азыр кайнатаңдар алдыңа келишет. Сенин да биздей ата-энең бардыр. Ата-энеңдин, жашаган жериңдин дарегин айтып бер, барып жакшылап түшүндүрүшөт. Биз дагы бир убакта сага окшоп келип, азыр болсо бала-чакалуу очок-бачарлуу бактылуу үй-бүлөбүз"- деп сооротту кызыл жүздүү мээримдүү аял.

Көшөгөнүн ичинде Акинай түбү жок сансыз ойго чөмүлүп, өткөн окуянын жараты сыздап орутуп, эмне деп айтаарын, кантээрин билбей, бар күчүн көз жашка жумшап отурат.
Көзүнүн жашы көкүрөк ылдый чууруйт. Суроологон сайын өпкөлөйт. Баятан бери быкпып ыйлактаган кыз эми үнүн чыгарып, сызылып ыйлап жатты. Көшөгөнүн сыртындагылар бири-бирине үн – сөзсүз каштарын серпип, ийиндерин көтөрүп көздөрү чакчая ымдалашат.

— Ой, балам. Биз түшүнбөй калдык. Сени биздин уулубуз зордоп эле ала качкан көрүнөт сыягы,- деди бети тегеректен келген ак жуумал кемпир.

— Жок, андай эмес, апалар.

— Ботом, койчу эми. Сен сызгырылып ыйлаган сайын биздин оюбуз ар кай жакка кетип баратат. Кайсыл күнү коңушум Жаныбек келин алып келиптир дегенинен барсак, алып келген кыз ыржалактап эле күлүп-жайнап отурат. Азыркы кыздар ыйлабайт дегендерин да угуп жүрөм. Тоббоо, сендей кантип болсун?!

Аңгыча болбой шыпылдай илбериңки басып:

- Апалар, мен азыр Акинай менен өзүм сүйлөшөйүнчү, - деген Асылбектин үнү угула калды.

- Алтыным Акинай, өзүңдү көп кыйнай бербечи. Сага эмне болуп жатканын түшүнбөй жатам. Сыртта атамдар барсак эртерээк баралы дайын дарегин берсин деп жатышат. Алар күтүп калышты,

мени уят кылба? – деп чачтарын сылай койнун ачып бооруна тартты. Жылуу койнунан шыпырыла жерди ыктай отура бетин жаап өксүп ыйлап жатып:

- Асыл аке, менин апамдын көзү өткөнүнө көп жылдар болгон. Мен синдим экөөбүз таянемдердин колунда чоңойгонбуз. Жакында таянем да кайтыш болгон. Атам өтө кызыл камчы, райымсыз, адепсиз чапсаң киши болгон экен. Апамды көп жолу уруп, кыйнап, чачтарынан бурап, ээсин оодарып өлтүргөн дешет. Анда мен 4-5 жашар кыз экем. Бир жолу Ажаркын экөөбүз чоңоюп эле калганыбызда атам артыбыздан издеп келген. Таяэнемдер бизди көрсөтпөй, тескерисинче тагамдар биздин өчүбүздү алып өлтүрөбүз деп куугунтукашканда качып араң кутулган экен. Ошондон бери байланышпайбыз. Бирок жакында бирөөдөн атамдын дарегин алып койгон элем. Азыр мен кимдин дарегин берүүнү билбейм. Айтор, тагдыр сынагы мени ушунчалык кыйнады, - деп өзүнү токтото албай, жаштуу көздөрү менен Асылбектин карегине суроолуу тигилди.

- Мейли, алтыным. Мен баарын түшүндүм, - деп абалды түшүнгөн Асылбек Акинайдын өкүнүчтүү тагдырын, абалын атасынын өзүнө гана түшүндүрдү...

Кечээки көнөктөп жааган жамгыр жер бетин көптүрүп, бошоңдотконун сезген Камчыбек эгин талаадан кабар алганы атганаар мезгилде короонун дарбазасы кыйч этти. Дарбазанын алдында эки бейтааныш адам.

— Ассалому алейкум?!

— Вассалому алейкум?!

Алик алып жатып чоочун кишилерге таңдана төркү бөлмөгө колун жаңсай кирүүгө сунуш этти.
Заматта дасторкон жайылып, чай коюлду.

— Жол болсун силерге, жолоочулар!?

— Болсун, болсун!

— Ос, биз тээ Жалал-Абаддын Ачы деген айылынан келдик. Бул насипти көр туз буйурган экен, сиздин Акинай кызыңыз биздин үйдө. Кудай буюрса, экөөбүз кудаа–сөөк болуунун алдында турабыз, - деди бири.

— Эмне дейсиз, үй ээси? – деп сөзүн салмактантып жооп күткөн кап кирпиктүү Ашым үй ээсине карады.

— Жакшы болот.

Бүткүл денесин ток ургандай "дирт" деп алган соң демин сыртка араң чыгарып үнү каргылдана оозун кыбыратты. Кайрадан көзүн улам-улам ирмегилеп, карегине жаш чайылып жатып:

- Акинайымбы?! Айланайыным, чачынан атасы, жакшы болот. Мен эч нээрсе дебейм. Наарazычылыгым жок, сиздер менен эле бактылуу болсун. Азыр, азыр, чай ичип туруңуздар. Мен, мен азыр"...

Күтүүсүздөн болгон бул окуяга дене бою калтырап, муун-жүүнү бошоп, маңдайындагы ат сарайга бет алды. Караңгы бурчка отура калып башындагы калпагы менен бетин басып, үнүн ичине катып, 4-5 жаштарында таэнесинин колунда калган эки кызынын элеси бир эстеп бир эстей албай былкылдап-солкулдап ыйлап жатты.

— Оо-уу, Бермет, Бермет! Атаң кана, кокуй, жер жуткан немедей жоголду да! Ата болбой аңтарылып өлгүр, каякка кетти? - деген аялынын ачуу үнү кулагына шак дей түшүп тып токтоду.

— Мен, мен азыр, мындамын.

— Ой, өлүп кеткир акмак десе, акылыңдан го азган жоксуң?

Бетинин түгү тикчие илебин кесе тиштеп бир чайнап, бир жутуп койгусу келип араң турду. Камчыбек меймандарды кантип узатууну чече албай эки анжы. Акыры аялына карап:

— Үйдөгүлөр кетебиз деп жатышат. Эмне, кой-пой союсуңбу? Же мындай эле кетиребизби? – деп башын калчаңдатты.

Өз оюн бир жерге топтой албай жооп издеген күйөөсүнө:

- Болуптур, жол тартсаңар мейли, байбичем экөөбүз 3-4 күндүн арасында барып калабыз, – деп жооп бер! Коңшулар билип биле элегинде кетирели, калганын кийин ойлонуштурабыз – деди аялы.

Босогого жетип калган күйөөсүнүн костюмунан артка тарта кайра оолугуп кирди:

- Өлүгүңдү гана көрөйүн десе 4-5 жашында калган жетимче кыздарың али сени эсинен чыгарышпаптыр да! Эми чоңоюп, эрге жарап бирөөнүн астанасын аттаганда "ата" керек болуп, кабарчы жөнөткөндөрүн көрбөйсүңбү!? Жашабагыр желмогуз десе! Сени менен барып бирөөнүн үйүндө ата – кыз бириңди-бириң таанып ыбай, ит маскара болгонуна кошулгум келбейт. Сен деле барбайсың. Мына, менин кыздарыма ата болуп бара берип чарчайсың?! Үнүнүн болушунча оолуккан иттей

арсылдап, оозунан түкүрүктөрү чачырап, ээ-жаа бербей бакырып жатканын төркү бөлмөдөгү кер мурут киши угуп калды.

Кайра кудум куу түлкүдөй шыңдандап:

- Жүрү, атасы, кудааларга бир деме де, – деп кашын керип оозун түйрүйттү.

— Кудаалар, бүгүнчө мейман болуп калгыла. Жол алыс, эртен жолго аттанасыздар" деп оозу бош гана капалуу түрдө кайрылды. Камчыбек келгендерге.

— Жок, рахмат, азыр эле жүрүп кетели. Дагы бара турган жерлер бар.

Жүздөрүнө дуба тарта, ордуларынан козголушту.

Камчыбек кудаалар узаган күнү - түнү бою түйшөлүп уктай албады. Көз алдында эки өрүм чачы такымдан ылдый түшкөн ак-сарысынан келген ак көңүл аялы – Сүйүмкан жана эки кызы элестейт.

Ал каргашалуу күндөн башталган тагдырына ошол эле күндөн тартып өкүнгөнү-өкүнгөн. Бирөөлөрдөн жеме угуп, бирөөлөрдүн кайырына калган эки кызы ата-эне мээримине зар болуп чоңойгондугуна ичинен түтөп, не деген жылдар өттү. Оор ойлор мээсин кажыйт. "Ошончолук оор тагдырга калтырсам да, менин "Ата" деген атымды өчүрбөй издеткенин карачы! Айланайын кызым ай, эртең атаң кантип жер басып алдыңа барат!? - деп көз жашын көлкүлдөтүп ыйлап жатты.

5-6 күн өттү. Аялына:

- Кыздан кабар алабызбы? – деп араң сурады.

Аялынын кулак угуп, бет чыдагыс уу сөздөрүнөн кийин кантип ордунан шарт туруп кеткенин өзү да билбей калды. Аялына башка суроо салбады. Кечээ кудаасы таштап кеткен акчасына Акинайга, күйөө баласына кийим кечек, шириндиктерди алды да, таксиге отуруп жөнөп кетти. Жол катары ой-санаада келатты.

Мына, кудаасынын үйүнө да жете келди. Сурамжылап жүрүп таап келген короого баш бакты. Короо ичи эл көп, бака-шака түшкөн шайыр-шаттуу кыз-келиндер. Ичкериде музыка ойноп, бир топ жаштар бийлеп жатышат. Камчыбектин келе жатканын эч ким сезген жок. Тамагын кайра-кайра оңдоно, эки жагын каранып босогого жете келген учурда колуна идиш көтөрүп чыга келаткан Акинай экөөнүн көздөрү бири-бирине кадала түштү.

— Ата-а-а! Менин атам! Менин алтын атам! Ата, сизди сагындым. Атакебайым, барсызбы?!

Эчен жылдан берки сагыныччтын көз жашын тамызып, мойнуна жаш баладай асылып өксүп-өксүп ыйлап жатты. Апасы жоктугун атасынын жалгыз турганын эстеп, апасына болгон сагынычы ансайын муун-жүүнүн бошотту.

— Атаң сенин боюңа айлансын! Чачыңа айланайын алтыным менин, акылдуум менин. Кечир мени, чырагым! Садага болоюн сага, каралдым!

Ата-кыз өкүнүчкө өксүп, өксүп ыйлап жатышты. Бейтааныш бирөөнүн үйүндө 24 жылдан кийин, мындай акыбалда жолугуп өксүп турушканы айланадагылардын да көз жашын чуурутуп, жүрөгүн эзип көөдөнүн бошотту.

Ошол күнү Камчыбек кудаасынын үйүндө аябай жакшы сый көрдү. Эртеси кайтаарында Айжаркындын дарегин алды. Кызынан ал жогорку окуу жайда 3чү курста окуп жатыптыр.

“Эх, тагдыр, бешене! Мынчалык тагдырдын ар түркүн кыр – кыяны адамзаттын жан дүйнөсүн тербелтет. Айжаркын дагы мени кечирээр бекен?! Айланайын менин көздөрүм, чолпондорум, чачтууларым! Атаңардын айбандыгын кечиргиле, силерден суранам. Мен өмүр бою кечирилгис күнөөнүн күйүтүндө кайнап келем. Силердин бактыңарды, ызат-урмат, сыйыңарды көрбөй өз колумдан ажал тапкан апаңарга эртели кеч үзбөй куран окуйм”, дейт ичинен муңкана, көз жашы ылдый агып.

“Бул – адашуу, бул – өкүнүч, бул – тагдырдын мага көрсөткөн сыноосуна айлам жок “тирүүлөй өлүк” катары жашап келем”, - дейт кайра өзүн токтотуп.

— Аксакал, сиз айткан жерге жетип келдик. Эмне, ден соолугунуз жайында элеби? Негедир өзүңүзчө бирдемелерди айтып күңгүрөнөсүз, дагы жаш баладай бышактап ыйлайсыз. Дагы бир аз туруп жүзүңүздү сүйүнүч аралагандай болосуз? – деген шофёрдун суроосунан улам селт дей чочуй түшүп, коюн чөнтөгүндөгү акчаны калтыраган шадылуу колдору менен санап-санай албай узатып жатты. Көрсө, жетчү жерине жеткен тура.

Күн кызыл нурларын тоонун артына жашырып, көз байланып калган убакта оор көтөрүнчүсүн колдоруна алмак-салмак алмаштырып, көөдөнү толо өкүнүчтүн көлүндө сүзүп да, сүңгүп да кээде күрс-күрс жөтөлүп келаткан Камчыбектин карааны үйгө

жакындаган сайын ылдамдап баратты. Аялы не дээр экен, кантип тосуп алат экен? Бул жагы – белгисиз. Кантсе кызынын атасын эстегенине, кызын көрүп, жайлуу жерге жайлашканына ыраазы боло кадамдары шагдам. Эртең эле Айжаркынын издеп жөнөмөкчү.

## КҮЗ
### (Эссе)

Айлана да, жердин бети да сапсары алтын түскө боёлгон. Күндүн сары нурлары сары, кызыл тарткан бак-дарактардын жалбырагын ансайын кооз түскө бөлөп баратат. Күздүн желп эткен суук шамалына араң турган жалбырактар жерге жапырт агылышат.

Талааларда эмгектин түрү кызуу жүрүп жаткан учур. Үйүм-үйүм картошкалар, сары шурудай тизилген жүгөрү дандары, даны жерге ийилген буудай-шалылар, жалбырактарын сансыз орогон капусталар, чоктой эзиле бышкан помидорлор… Алмалар кыпкызыл түскө чайылып, ичи толгон шире, алмуруттардын асели бетине чыгып сары жалтыраган жийделер үйлөп койгон шар сымал тарсайышат. Сары-кызыл чиеш чоктой кызыл шурусун мөлтүрөтүп көз жоосун алган – анар. Сыртына жашыл чапан жамынып, ичи чоктой албыраган ширелүү дарбыздын, тиле кессең шилекей чуурулткан коондун жыты…

Ажайып керемет даамдар…

Тээ бийик тоолордун арасында, кокту-колоттордо бышкан жапайы алчалар, долоно ашы карагат, ит мурундар, адам колу тийбестен туруп, өзү жетилип бышып мезгили жетсе, аргасыз жер бетине мөмөсүн төгөт.

Атаганат, жалган дүйнөнүн бизге берген бейиш дасторконун эң берекеси төгүлүп, жыты аңкыган бул күздүн ажайып сырдуу сыйкыр көрүнүшү тирүү жандын көзүн, дилин тойгозгудай көрүнбөйт.

Ооба, мезгил акырындап тараза ташын ооштуруп, жакында бул керемет коздуктан таптакыр башка көрүнүшкө айланат. Албетте, ошондой.

Мына, мына, асманда чуйк-чуйк этип канат күүлөп, алыс сапар тарткан каркыра турналардын карааны.

Заматта асман бүркөө тартып, шамал ызгый түштү. Сапырылган сары жалбырактар ойкуп-кайкып багытсыз алда кайда учуп жатышат. Аңгыча акырындап алгач күздүн муздак жамгыры себелей баштады. Бутакта аздап калган сары жалбырактар, күздүн ичирткенткен муздак жамгырына аргасыз жуунуп жатышат.

Жонуна сумка асынып, алмасын кырча тиштеп саамайы ылдый шорголоогон жамгырды сезбестен «Алтын күз» конкурсуна карата эжей берген сан ырды ичтен кайталай мектепти көздөй бараткан – окуучу…

Ооба, ооба…

...Алтын түстү жамынган,
Алтын күз келди кайрадан...

## Мазмуну


Айсалкынга ак жол! 4
Кызгалдактуу талаалар 5
Ачуу жаш 11
Кош билерик 14
Ак барча көйнөк 18
Кусалык 20
Жаңылыштык 22
Аздек менен 26
Миллиондогон ак роза 28
Коляска 32
Бул сага сабак 35
Бурулуш 40
Сандык 43
Кырманчы 46
Өкүнүч 49
Күз 54



**Айсалкын Абытова**

Адабий көркөм чыгарма

Кызгалдактуу талаалар ангемелер , новеллалар

Редактору Абдинаби Даабеков
Техникалык редактор Мухтар Маматалиев
Корректор Тургунбай Жумаев
Компьютерде терген Зуура Калыкова
Калыпка салып көркөмдөгөн Бурма Куренкеева

Терүүгө 10.05.2011-ж. берилди.
Басууга 21.06.2011-ж. кол коюлду.
Көлөмү 3,5 басма табак. Нускасы 500. Буюртма № 490.
Ош ш., Курманжан Датка-209. «Ошоблбасмакана» АК.